## МАЗМУНУ

«Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги тутумун 2023–2026-жылдары өнүктүрүүнүн» Мамлекеттик максаттуу программасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы ........ 3

«Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги тутумун 2023–2026-жылдары өнүктүрүүнүн» Мамлекеттик максаттуу программасы........ 4

«Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги тутумун 2023–2026-жылдары өнүктүрүүнүн» Мамлекеттик максаттуу программасынын паспорту........ 5

1. Киришүү........ 11

2. Мамлекеттик максаттуу программанын максаты жана милдеттери ........ 15

3. Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги тутумундагы учурдагы кырдаалдын сереби ........ 15

3.1. Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту........ 16

3.2. Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор ........ 19

3.3. Соттук өз алдынча башкаруу........ 22

3.4. Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги боюнча Кеңеши........ 23

3.5. Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна караштуу сот департаменти........ 25

3.6. Жогорку Сотко караштуу сот адилеттиги жогорку мектеби........ 26

3.7. Сот арачылары........ 27

3.8. Сот тутумун каржылоо ........ 28

3.9. 2019–2022-жылдар үчүн сот тутумунун бюджетинин аткарылышы........ 30

3.10. 2023–2026-жылдарга сот тутумунун бюджетинин долбоору........ 32

3.11. Сотторду жана соттук өз алдынча башкаруу органдарын материалдык-техникалык жабдуу........ 33

3.12. Сот тутумуна маалыматтык-коммуникациялык технологияларды (МКТ) киргизүү........ 35

3.13. Иштердин категориялары боюнча судьяларды адистештирүү, адистештирилген соттор........ 39

3.14. Судьялардын жүктүүлүгү ........ 40

3.15. Сот аткаруучулар кызматы жана аткаруу өндүрүшү ........ 42

3.16. Сот процесстеринин коопсуздугун камсыз кылуу жана Сот приставдар кызматы ........ 43

3.17. Сот тутумунун сот адилеттигинин башка институттары менен секторлор аралык өз ара аракеттенүүсү ........ 44

3.17.1. Тергөө органдары ........ 44

3.17.2. Соттук экспертиза........ 44

3.17.3. Кыргыз Республикасынын адвокатурасы ........ 46

3.17.4. Аксакалдар соту ........................................................................................ 47
3.17.5. Медиация ................................................................................................ 49
3.17.6. Пробация................................................................................................. 49
«Сот адилеттиги тутумун 2023–2026-жылдарга өнүктүрүүнүн» Мамлекеттик максаттуу программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын Планы .................. 53
«КР Сот адилеттиги тутумун 2023–2026-жж. өнүктүрүүнүн» ММП ишке ашыруу пландарын бюджеттөө.........................................................................................72
Кыскартуулардын тизмеси: ................................................................................. 53
Маалымдама-негиздеме ..................................................................................... 100

Долбоор

**«Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги тутумун 2023–2026-жылдары өнүктүрүүнүн» Мамлекеттик максаттуу программасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы № 435 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук программасын, Кыргыз Республикасын 2040-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясын ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 70, 71-беренелерин жетекчиликке алуу менен, токтом кылам:

1. Бекитилсин:

- «Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги тутумун 2023–2026-жылдары өнүктүрүүнүн» Мамлекеттик максаттуу программасы (мындан ары – Мамлекеттик максаттуу программа), ушул Жарлыкка карата 1-тиркемеге ылайык;

- Мамлекеттик максаттуу программаны ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планы, ушул Жарлыкка карата 2-тиркемеге ылайык.

2. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тиешелүү жылга жана кийинки жылдарга республикалык бюджетти түзүүдө, ушул Жарлыктын 1-пунктунда көрсөтүлгөн Мамлекеттик максаттуу программаны, республикалык бюджеттин эсебинен каржыланууга жаткан республикалык максаттуу программалардын тизмегине киргизүүнү карасын.

3. Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши Кыргыз Республикасынын Жогорку соту, Кыргыз Республикасынын Минист рлер Кабинети, Башкы прокуратура, Адвокатура (макулдашуу боюнча) менен биргеликте:

- ушул Жарлыктан келип чыгуучу зарыл чараларды кабыл алсын;

- Мамлекеттик максаттуу программанын жана аны ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планынын сапаттуу, толук жана өз убагында ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүүнү камсыз кылсын;

- жылдын жыйынтыгы боюнча кезектеги жылга Бюджеттик резолюциянын долбоорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине киргизгенге чейин, аны ишке ашыруунун деңгээли жөнүндө тыянактар

камтылган Мамлекеттик максаттуу программаны аткаруунун натыйжалары жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына киргизсин.

4. Ушул Жарлыктын аткарылышын көзөмөлдөө Кыргыз Республикасынын Президентинин Соттор жана прокуратура органдары менен өз ара аракеттенүү бөлүмүнө жүктөлсүн.

5. Ушул Жарлык 2023-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет жана расмий жарыяланышы керек.

**КР Президенти** **С.Н. Жапаров**

Долбоор
*«КР сот адилеттиги тутумун*
*2023–2026-жылдары өнүктүрүүнүн»*
*Мамлекеттик максаттуу программасына карата*
*1-Тиркеме*

**«Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги тутумун 2023–2026-жылдары өнүктүрүүнүн» Мамлекеттик максаттуу программасы**

**«Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги тутумун 2023–2026-жылдары өнүктүрүүнүн» Мамлекеттик максаттуу программасынын паспорту**

| | |
|---|---|
| Максаттуу программанын аталышы | «Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги тутумун 2023–2026-жылдары өнүктүрүүнүн» Мамлекеттик максаттуу программасы |
| Максаттуу программаны иштеп чыгуу үчүн чечимди кабыл алуунун негизи жана күнү | Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы № 435 Жарлыгы менен бекитилген, Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук программасы<br>Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин 2022-жылдын 15-апрелиндеги чечими |
| Мамлекеттик тапшырыкчы – Максаттуу программанын координатору | Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы |
| Максаттуу программанын мамлекеттик тапшырыкчылары | Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту, Кыргыз Республикасынын Жогорку соту, |
| Максаттуу программанын негизги иштеп чыгуучулары | Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту, Кыргыз Республикасынын Жогорку соту |
| Максаттуу программанын максаты | Адамдын жана уюмдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын адилеттүү жана натыйжалуу коргоого багытталган сот адилеттиги тутумун өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарын аныктоо |

| | |
|---|---|
| Максаттуу программанын ички максаттары | - судьялардын жана сот тутумунун көз карандысыздыгын камсыз кылуу;<br>- сот тутумунун жеткиликтүүлүгүн жана ачыктыгын арттыруу;<br>- сот адилеттиги тутумунда санариптик технологияларды колдонууну кеңетүү жана пайдалануунун нактыйжалуулугун жогорулатуу;<br>- натыйжалуу сот өндүрүшүнө жетишүү үчүн секторлар аралык өз ара аракеттенүү. |
| Максаттуу программанын негизги милдеттери | 1) судьялардын жана сот тутумунун көз карандысыздыгын камсыз кылуу;<br>2) кадрдык дараметти чыңдоо;<br>3) судьялардын жоопкерчилигин жогорулатуу;<br>4) соттук курулуш жана соттук өндүрүш тутумдарын өркүндөтүү;<br>5) сот адилеттиги тутумунун натыйжалуулугун, жеткиликтүүлүгүн жана ачык-айкындуулугун жогорулатуу;<br>6) аткаруу өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу;<br>7) сот тутумунун финансылык жана материалдык-техникалык камсыз кылынышын чыңдоо;<br>8) сот адилеттиги тутумунда санариптик технологиялардын колдонулушун кеңетүү;<br>9) сот адилеттиги тутумунда секторлор аралык өз ара аракеттенүүнү жакшыртуу;<br>10) соттук экспертиза, медиация, адвокатура, сот приставдары институттарын өркүндөтүү;<br>11) адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоонун соттон тышкары жана сотко чейинки усулдарын, формаларын жана ыкмаларын өнүктүрүү. |
| Максаттуу программанын негизги максаттуу индикаторлору жана көрсөткүчтөрү | Кыргыз Республикасынын сот тутумунун өнүгүүсүнүн артыкчылыктуу багыттарын аныктоо;<br>- адамдын жана жарандын бузулган укуктарын жана эркиндиктерин коргоого жана калыбына келтирүүгө багыттамаланган мамлекеттик бийлик органдарынын жана коомдук институттардын комплекси катары сот адилеттиги тутумунун иштиктүү механизмин калыптандыруу; |

| | |
|---|---|
| | - Бүткүл дүйнөлүк экономикалык форумдун Ааламдык атаандаштыкка жөндөмдүүлүк индексинин рейтингинде (анын ичинде “соттордун көз карандысыздыгы” көрсөткүчү боюнча) Кыргыз Республикасынын орду;<br>- адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин соттук коргоонун кепилдиктерин камсыз кылуу;<br>- сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүн, натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатуу;<br>- сот тутумун жогорку кесипкөй даярдыктуу кадрлар менен камсыз кылуу;<br>- судьялардын жана сот тутумунун кызматчыларынын квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатуу;<br>- сот тутумуна карата ишенимди арттыруу;<br>- сот адилеттигин сапаттуу жүзөгө ашыруу үчүн судьялардын жоопкерчилигин жогорулатуу;<br>- сот тутумунда коррупциялык көрүнүштөрдү төмөндөтүү;<br>- соттук администрирлөө (башкаруу) тутумун өркүндөтүү, сот тутумунун инфратүзүмүн өнүктүрүү жана модернизациялоо;<br>- сот тутумунун финасылык көз карандысыздыгына, сот тутумунун каражаттарын натыйжалуу жана сарамжалдуу пайдаланууга жетишүү;<br>- материалдык-техникалык камсыз кылууну жакшыртуу, соттордун иштеши жана судьялардын, сот тутумунун кызматчыларынын ишмердиктери үчүн талаптагыдай шарттарды түзүү;<br>- сот тутумуна маалыматтык жана “коммуникациялык технологияларды” (МКТ) киргизүү, “электрондук сот адилеттигин” түзүү;<br>- соттук өз алдынча башкаруу органдарын өнүктүрүү жана дараметтерин чыңдоо. |
| Максаттуу программанын иш-чараларынын натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрү | - Сот тутумунун көз карандысыздыгынын жана калыстыгынын деңгээли Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча уюмдун тиешелүү милдеттенмелери (адамдык өлчөм жаатындагы) менен таанылган; |

| | |
|---|---|
| | - судьялар көз карандысыз жана Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана мыйзамдарына гана баш ийишет;<br>- адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин соттук коргоонун кепилдиктери камсыз кылынган;<br>- сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгү жана ачыктыгы камсыз кылынган;<br>- сот тутуму даярдыгы жогору кесипкөй кадрлар менен камсыз кылынган;<br>- сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун натыйжалуулугу, сапаты жогорулаган;<br>- соттук актылардын бекитилүү пайызы жана туруктуулугу көбөйгөн;<br>- процесстик мөөнөттөрү бузулуу менен каралган иштердин саны кыскарган;<br>- судьялардын жүктөрүнүн жаңы ченемдери белгиленген;<br>- соттордо «электрондук сот адилеттиги» тутуму киргизилген жана электрондук сот жана иш кагаздар өндүрүшү жүргүзүлөт;<br>- статистикалык отчеттуулукту түзүү жана берүү тартиби өркүндөтүлгөн;<br>- сот актыларын жана башка аткарылуучу документтерди аткаруунун сапаты жакшырган жана мөөнөттөрү сакталат;<br>- коомдун сот тутумуна карата ишеним деңгээлинин пайызы арткан;<br>- судьялардын абийир Кодексин бузганы үчүн судьяларды тартип жоопкерчилигине тартуунун пайызы азайган;<br>- сот адилеттигин сапаттуу жүзөгө ашыруу үчүн судьялардын жоопкерчилиги жогорулаган;<br>- сот адилеттиги тутумунда жемкорлук фактыларынын көрүнүштөрү жоюлган;<br>- соттук администрирлөө (башкаруу) тутуму өркүндөтүлгөн;<br>- сот адилеттиги инфратүзүмдөрүн модернизациялоо жүргүзүлгөн;<br>- сот тутумунун финансылык көз карандысыздыгына жетишилген;<br>- мыйзамда республикалык бюджеттин каражаттарынан Кыргыз Республикасынын сот |

| | |
|---|---|
| | тутумунун бюджетинин пайыздык үлүшү белгиленген;<br>- сот тутумун каржылоо адекваттуулук, жетиштүүлүк жана өз убагындалуулук талаптарына шайкештелген;<br>- соттордун иштеши жана сот адилеттигин ишке ашыруусу үчүн материалдык-техникалык камсыз кылуу жакшырган, талаптагыдай шарттар түзүлгөн;<br>- соттордун кызматтык орун жайлары үчүн жаңы ченемдер иштеп чыгылган жана бекитилген;<br>- соттордун кызматтык орун жайлары үчүн жаңы ченемдерди эске алуу менен, соттордун жаңы имараттары курулган;<br>- соттордун болгон имараттары модернизацияланган жана соттордун кызматтык орун жайлары үчүн бекитилген ченемдерге жооп берет;<br>- сот процессинин тараптарынын катышуучулары үчүн талаптагыдай шарттар түзүлгөн жана коопсуздук камсыз кылынган;<br>- сот тутумуна маалыматтык жана коммуникациялык технологиялар (МКТ) киргизилген;<br>- АМТ тутуму өркүндөтүлгөн;<br>- «Адилет сот» МТМ ишинин тышкы жана ички өз ара аракеттенүү процесси оптималдаштырылган;<br>- сот тутумунун ички корпоративдик маалыматтык тарамы киргизилген;<br>- соттор Маалыматтарды иштетүү борборуна кошулган;<br>- коомчулуктун сот актыларынын мамлекеттик рееестрине туруктуу жеткиликтүүлүгү камсыз кылынган;<br>- архивдик кызмат көрсөтүүлөрдү берүүнүн сапаты жогорулаган;<br>- соттук өз алдынча башкаруу органдарынын дараметтери оптималдаштырылган жана чыңдалган;<br>- сот тутумунун кызматчыларынын социалдык кепилдиктери (турак жай, дарылоо-ден соолукту чыңдоо жана мектепке чейинки мекемелер менен камсыз кылуу) жакшыртылган. |

| | |
|---|---|
| Максаттуу программаны ишке ашыруу мөөнөттөрү | 2023–2026-жылдар |
| Максаттуу программаны каржылоонун көлөмү | 25 518 980 600 сом |
| Максаттуу программаны каржылоонун булактары | Республикалык бюджет |
| Максаттуу программаны ишке ашыруунун күтүлгөн акыркы натыйжалары | - сот тутумунун көз карандысыздыгы камсыз кылынган;<br>- сот тутумунун кадрдык дарамети чыңдалган;<br>- сот тутумунун натыйжалуулугу, жеткиликтүүлүгү жана ачыктыгы жогорулаган;<br>- сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун сапаты жогорулаган;<br>- сот тутумуна карата ишеним жогорулаган;<br>- сот тутумунда жемкорлук фактыларынын көрүнүшү төмөндөгөн;<br>- сот актыларын жана башка аткарылуучу документтерди аткаруунун сапаты жогорулаган;<br>- соттук өз алдынча башкаруу органдарынын дарамети чыңдалган;<br>- сот тутумунун финансылык көз карандысыздыгына жетишилген;<br>- мыйзамда республикалык бюджеттин каражаттарынан Кыргыз Республикасынын сот тутумунун бюджетинин пайыздык үлүшү белгиленген;<br>- сот тутумун каржылоо адекваттуулук, жетиштүүлүк жана өз убагындалуулук талаптарына шайкеш келет;<br>- соттор үчүн имараттар курулган жана модернизацияланган;<br>- эмгек акылар көбөйгөн жана судьялардын жана сот тутумунун кызматчыларынын социалдык кепилдиктери (турак жай, дарылоо-ден соолукту чыңдоо жана мектепке чейинки мекемелер менен камсыз кылуу) жакшырган; |

| | |
|---|---|
| | - сот тутумунун кызматчылары мамлекеттик соттук кызматчы статусуна ээ болгон. |

## 1. Киришүү

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы № 435 Жарлыгы менен бекитилген, Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук программасы (мындан ары – 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук прогарммасы) өлкөнүн келечектеги келбетин жана мамлекеттик башкаруунун бүтүндөй тутуму үчүн максаттуу багыттарды аныктаган. 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук прогарммасы жарандардын бакубатчылыгын жакшыртууга багытталган жана Кыргыз Республикасын 2040-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук программасынын (мындан ары – 2040-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук программасы) алкагында, ырааттуу улануучулук принцибин сактоо, өлкөнү өнүктүрүүнүн узак мөөнөттүү стратегиялык максаттарынын негизинде адамга багытталуу жана Туруктуу өнүгүү максаттарынын негиз болуучу «эч кимди артка калтырбоо» милдеттенмесине басым жасоо менен иштеп чыгылган. Өнүктүрүүнүн Улуттук программсынын жоболору жана принциптери өнүктүрүүнүн тармактык документтеринин негизине алынышы керек.

2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук прогарммасынын артыкчылыктуу багыттарынын катарында жарандардын жана коомдун кызыкчылыктарында тутумдук байланышта жүзөгө ашырылуусу тийиш болгон сот жана укук коргоо органдарын мындан ары карай реформалоону жүргүзүүнүн зарылдыгы белгиленет.

Укук коргоо органдарындагы жана башка аралаш укуктук институттардагы тийиштүү өзгөрүүлөрсүз сот органдарын реформалоо керектүү натыйжаларды бербейт, анткени алардын бардыгы сот адилеттиги тутумуна кирет[1].

Көпчүлүгү үчүн сот адилеттиги тутуму ичинен карама-каршылыктуу, архаикалык түзүмгө ээ жана дайым эле бир бүтүндүк эместей көрүнүшү

[1] КР Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2015-жылдын 14-январындагы чечиминде сот адилеттиги органдары дегенде, кеңири маанисинде бардык деңгээлдердеги соттор эле эмес, ошондой эле түздөн-түз милдеттери сот адилеттигине көмөк көрсөтүү болуп саналган мамлекеттик органдар дагы түшүнүлөрү чагылдырылган. Булар алгачкы текшерүүнү, алдын ала тергөөнү, прокурордук көзөмөлгө алууну, ошондой эле соттук актыларды аткарууну жүзөгө ашыруучу органдар. Алардын иши, соттуку сыяктуу эле белгилүү бир процесстик формада жүрөт, ал эми алардын ишине кийлигишүү соттордун ишине таасирин тийгизет.

ыктымал. Бул жүйө-далилдердин бардыгы аны өзгөртүү үчүн ынанымдуу дем-күч берет. Ушул «Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги тутумун 2023–2026-жылдары өнүктүрүүнүн» Мамлекеттик максаттуу программасынын (мындан ары – Максаттуу программа) ийгилиги адамдын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого багытталган, адилеттүү жана натыйжалуу иштеген сот адилеттиги тутумуна жетишүү үчүн мыйзам чыгаруу, башкаруу, билим берүү чөйрөлөрүндө тиешелүү өзгөртүүлөрдү жүргүзүүсү болуп саналат. Мындай ийгиликтүү баамга жетишүү үчүн көйгөйлөрдү аныктоо, аларды чечүү үчүн эң мыкты иш-тажырыйбаларды жалгаштыруу, башкаруу чөйрөсүнө санариптик технологияларды жигердүү тартуу жана коомдун өнүгүүсүнүн жаңы чакырыктарына жана тренддерине сезимтал мамиле кылып, чара көрүү үчүн сот адилеттиги тутумунун коомчулук менен байланышын күчөтүү зарыл.

Сот адилеттиги тутумунун органдарынын ишин, мындай тутумду пайдалануучулардын укуктук аң-сезимдерин трансформациялоону талап кылуучу кандай болбосун реформалар, адатта ар дайым эле жетиштүү болуп саналбаган, олуттуу убакыттык жана материалдык ресурстарды талап кыларын белгилеп коюу керек. Ошону менен бирге, сот адилеттигин ишке ашыруунун натыйжалуулугун жогорулатуу соттордун «өткөрүү жөндөмдүүлүгүн» арттырууга, чыгарылуучу чечимдерди даярдоо убактысын кыскартууга, сот адилеттиги тутумунда талаш-тартыштарды чечүүнүн жагымдуулугун жогорулатууга мүмкүнчүлүк берет жана калктын укуктук аң-сезимин арттырат, бул коомдо мыйзамдуулукту бузуулардын деңгээлин олуттуу кыскартат.

Сот адилеттиги тутуму, анын ушундай иштөөсүнүн шарттарында, сот адилеттигин жарандардын жана коомдун кызыкчылыктарында натыйжалуу ишке ашырууну камсыз кылуу үчүн соттордун укук коргоо органдары, прокуратура, адвокатура, пробация кызматы, юстиция органдары жана башкалар менен ырааттуу өз ара аракеттенүүсүнө алып келүүсү тийиш.

Сот адилеттиги тутумун реформалоонун жалпы максаты адамдын укуктарын жана эркиндиктерин соттук жана башкача коргоону азыркы убактагыга караганда жакшыраак, тезирээк, жөнөкөй, арзан жана жеңилирээк камсыз кылуу болуп саналат.

Белгиленген максатка төрт артыкчылыкты (чакан максаттарды) аныктоо жолу менен жетишүүгө болот: (1) судьялардын жана сот тутумунун көз карандысыздыгын камсыз кылуу; (2) сот тутумунун

натыйжалуулугун, жеткиликтүүлүгүн жана ачыктыгын жогорулатуу; (3) сот адилеттиги тутумунда санариптик технологияларды пайдаланууну кеңейтүү; (4) сот адилеттигин ишке ашырууда секторлор аралык өз ара аракеттенүүнүн өркүндөтүү.

Сот адилеттиги тутумун реформалоонун максаттары жана анын артыкчылыктары, анын мамлекеттик бийлик органдарынын программалык документтеринде, калктын аярлуу топторунун укуктарын коргоо жана сот адилеттигине жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу чөйрөсүндө иштеген эл аралык уюмдардын, коммерциялык эмес уюмдардын отчетторунда чагылдырылган анын төмөнкү көйгөйлөрүнө негизделген. Бул көйгөйлөр, төмөнкүлөр менен байланыштуу:

(1) сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун сапаты; (2) сотко чейинки өндүрүштүн жана сот өндүрүшүнүн мөөнөттөрүн сактоо; (3) сот адилеттиги органдарынын канааттандырарлык эмес иши; (4) сот адилеттиги тутумунун иши жөнүндө жарандардын жетишсиз маалыматтуулугу; (5) сот актыларынын натыйжасыз аткарылышы; (6) сот бийлигин жетишсиз каржылоо жана материалдык-техникалык камсыз кылуу; (7) судьялардын жана сот тутумунун көз карандысыздыгынын кепилдиктерин камсыз кылуу; (8) бардык деңгээлдердеги соттордогу судьялардын ашыкча жүктүүлүгү; (9) судьяларды тартиптик жоопкерчиликке тартуунун натыйжасыз механизми; (10) талаш-тартыштарды альтернативдүү (соттон тышкары) жана сотко чейин жөнгө салуунун таасирдүү механизмдеринин жоктугу; (11) сот адилеттигин жүзөгө ашырууда санариптик технологияларды киргизүүнүн жетишсиз деңгээли; (12) соттордо жана укук коргоо органдарында талаптагыдай коммуникациялык саясаттын жоктугу; (13) сот бийлиги органдарына жана укук коргоо органдарына карата коомдук ишенимдин төмөнкү деңгээли; (14) адвокатура тутумунун ишинин өркүндөтүлбөгөнү, жарандардын мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардамдар тутумуна талаптагыдай кеңири жеткиликтүүлүгүнүн жоктугу; (15) сот адилеттиги тутумунун кызматчыларынын кесиптик этикасынын жетишсиз деңгээли; (16) процесстик мыйзамдардын туруксуздугу жана башкалар.

Көйгөйлөрдүн көрсөтүлгөн тизмеги толук болуп саналбайт, бирок ушул Максаттуу программанын алкагында көңүлдүн борборун ушул түйүндүү көйгөйлөрдү чечүүгө топтоо пландалууда, буларды жеңүү коштоочуларды четтетүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Максаттуу программанын милдеттерин түзүүдө, сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун сапатын жакшыртууга, жарандардын сот адилеттиги тутумуна кайрылуусун жөнөкөйлөтүүгө жана белгиленген мөөнөттөрдө коштоочу кызмат көрсөтүүлөрдү алууга, соттук экспертизалардын сапатын жана алуунун ыкчамдыгын жакшыртууга, соттук чечимдердин толук аткарылышын камсыз кылууга, сот адилеттиги тутумунун органдарынын ишин оптималдаштырууну жүргүзүүгө, акыры аягындагы жыйынтыкта адамга багыттамаланган айкын жана натыйжалуу сот адилеттиги тутумун түзүү үчүн судьялардын жана сот адилеттиги тутумунун кызматчыларынын жоопкерчилигин жогорулатууга мүмкүнчүлүк берүүчү сот адилеттиги тутумуна маалыматтык технологияларды кеңири киргизүүгө басым жасалган.

Максаттуу программа жакынкы төрт жылга Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги тутумун стратегиялык пландаштыруу боюнча үчүнчү документ болуп саналат.

Ушул максаттуу программанын мурдагы программалардан айырмалуу белгиси, мында сот тутумунун өзүн өнүктүрүү маселелеринен тышкары, сот адилеттиги тутумуна кирген башка органдардын: укук коргоо, юстиция, соттук чечимдерди аткаруу жана башка органдардын дагы иштерин өркөндөтүү боюнча чаралардын кеңири чагылдырылганы болуп саналат.

Ушул Максаттуу программаны даярдоодо 2014–2017-жылдарга (ММП-1), 2019–2022-жылдарга (ММП-2) мамлекеттик максаттуу программалар талдоого алынган. Көрсөтүлгөн максаттуу программаларды ишке ашыруунун натыйжалары сот адилеттиги тутумун өркүндөтүү, аны башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу милдеттери, эң аз дегенде орто мөөнөттүү мезгилге (5-10 жыл), Кыргыз Республикасынын абдан маанилүү милдетти бойдон каларын көрсөттү.

Көрсөтүлгөн программалардын көптөгөн иш-чаралары ишке ашырылган, белгилүү бөлүгү – ишке ашыруу процессинде турат, ал эми айрымдары – белгилүү себептерден улам аткарылбаган бойдон калууда. ММП-2 иш-чараларын ишке ашырууга COVID-19 пандемиясы, конституциялык реформа, ошондой эле сот тутумунун ишин жетишсиз каржылоо олуттуу таасирин тийгизген. Ушуга байланыштуу, мурунку программанын аткарылбаган иш-чаралары ушул Максаттуу программанын иш-чараларынын планына киргизилди.

## 2. Мамлекеттик максаттуу программанын максаты жана милдеттери

Адамдын жана уюмдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын адилеттүү жана натыйжалуу коргоого багытталган сот адилеттиги тутумун өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарын аныктоо Максаттуу программанын максаты болуп саналат.

Көрсөтүлгөн максаттарга жетишүү үчүн төмөнкү милдеттер аныкталган:

1) судьялардын жана сот тутумунун көз карандысыздыгын камсыз кылуу;

2) кадрдык дараметти чыңдоо;

3) судьялардын жоопкерчилигин жогорулатуу;

4) соттук курулуш жана соттук өндүрүш тутумдарын өркүндөтүү;

5) сот тутумунун натыйжалуулугун, жеткиликтүүлүгүн жана ачык-айкындыгын жогорулатуу;

6) аткаруу өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу;

7) сот тутумунун финансылык жана материалдык-техникалык камсыз кылууну чыңдоо;

8) сот адилеттигинин ачыктыгын жана жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу;

9) сот адилеттиги тутумунда санариптик технологиялардын колдонулушун кеңейтүү;

10) сот адилеттиги тутумунда секторлор аралык өз ара аракеттенүүнү жакшыртуу;

11) соттук экспертиза, медиация, адвокатура, соттук приставдар институттарын өркүндөтүү;

12) адамдын укуктарын жана эркиндиктерин коргоонун соттон тышкаркы жана сотко чейинки усулдарын, формаларын жана ыкмаларын өнүктүрүү.

## 3. Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги тутумундагы учурдагы кырдаалдын сереби

Сот ишин жана судьялардын статусун жөнгө салууну белгилүү деңгээлде өзгөрткөн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2021-жылдын 5-майындагы жаңы редакциясынын кабыл алынышы менен, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту, Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттору, Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу, Кыргыз Республикасынын сот

адилеттиги иштери боюнча Кеңеши, Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө конституциялык мыйзамдардын жана Соттук өз алдынча башкаруу органдары тууралуу Мыйзамдын жаңы редакцияларын кабыл алуунун зарылдыгы пайда болду.

Сот жана укук коргоо ишин өркүндөтүү боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 31-мартындагы Жарлыгын ишке ашырууда 2021-жылдын 1-декабрынан тартып күчүнө кирген Кылмыш-жаза, Кылмыш-жаза процессуалдык кодекстери, Укук бузуулар жөнүндө кодекси кайра каралды жана жаңы редакцияларда кабыл алынды, Жаза аткаруу кодексине, «Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу», «Пробация жөнүндө» мыйзамдарга өзгөртүүлөр киргизилди.

Жогоруда көрсөтүлгөн бардык мыйзамдар сот жана укук коргоо органдарынын тутумуна, судьялардын кызмат орундарына талапкерлерди тандоо, судьяларды тартип жоопкерчилигине тартуу үчүн жоопкерчиликтүү органдардын жана өз иш-билгилиги боюнча сот адилеттигин сапаттуу ишке ашырууга жана талаш-тартыштарды жана башка чыр-чатактарды чечүүдө жардам көрсөтүүчү башка мамлекеттик органдардын ишин өзгөртүүнү талап кылат.

Сот адилеттиги тутумунун ишинин сереби, анын органдарынын укуктук статусун, жаңы мыйзамдардын кабыл алынышына байланыштуу алардын ишиндеги жаңычылдыктарды, ошондой эле аларды Максаттуу программанын алкагында чечүү үчүн иштеги укуктук көйгөйлөрдү өз кучагына алат.

## 3.1. Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

2021-жылы болуп өткөн конституциялык өзгөрүүлөр, ошондой эле Кыргыз Республикасында конституциялык көзөмөл органынын ролун жана статусун олуттуу чыңдоого мүмкүнчүлүк түздү. Анын натыйжасында Жогорку соттун Конституциялык палатасынын негизинде Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту уюшулду. Анын ыйгарым укуктары кыйла олуттуу кеңейди, анын ичинде Конституциянын ченемдерине расмий чечмелөө берүү, мамлекеттик бийлик бутактарынын ортосундагы иш-билгилик жөнүндө талаш-тартыштарды чечүү, Президентке каршы айып коюунун белгиленген тартибинин сакталышы жөнүндө корутунду берүү жөнүндө ыйгарым укуктар бар.

Ошол эле убакта конституциялык көзөмөл органынын судьяларынын саны 11 судьядан 9 судьяга чейин кыскарды, эгерде мурда Жогорку соттун Конституциялык палатасынын судьялары биринчи жолу 7 жылдык мөөнөткө, андан кийин чектик жаш куракка жеткенге чейин шайланышса, ал эми колдонуудагы конституциялык ченемдер боюнча Конституциялык соттун судьялары дароо эле чектик жаш куракка жеткенге чейин, б. а. 70 жашка чыкканга чейин шайланат. Ошондой эле Жогорку соттун Конституциялык палатасынын иштеп жаткан судьялары Конституциялык соттун судьясы болуп таанылары жана алардын бардык шайланган мөөнөтүнө өз ыйгарым укуктарын сактап калышары белгиленген.

Көрсөтүлгөн конституциялык ченемдер, албетте, сөзсүз Конституциялык соттун жана анын судьяларынын көз карандысыздыгын чыңдоого мүмкүнчүлүк түздү жана андан ары Конституцияны ишке ашырууда, анын ишин уюштурууну жөнгө салуучу, ошондой эле конституциялык сот өндүрүшүнүн, соттун чечимдерин аткаруунун ж. б. тартибин жөнгө салуучу «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык мыйзам кабыл алынды.

Конституциялык сот конституциялык түзүлүштүн негиздерин, адамдын жана жарандын негизги укуктарын жана эркиндиктерин коргоо, Конституциянын үстөмдүгүн жана тикелей колдонулушун камсыз кылуу максаттарында, конституциялык сот өндүрүшү аркылуу конституциялык көзөмөлдү жүзөгө ашыруучу сот бийлигинин жогорку органы болуп саналат.

Конституциялык соттун мамлекеттик бийлик органдарынын тутумундагы өзгөчө абалы, өзүнүн иш-билгилигинин чектеринде кабыл алынган анын чечимдеринин бүтүндөй аймактагы бардык мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ошондой эле ишканалар, мекемелер жана уюмдар, кызмат адамдары, жарандар жана алардын бирикмелери үчүн милдеттүүлүгүн алдын ала аныктап турат. Конституциялык соттун чечимдеринин милдеттүүлүгү таратылуу чөйрөсү боюнча да, даректелүү дайындары боюнча дагы чектелбейт. Конституциялык соттун мыйзамдын же башка ченемдик укуктук актынын жобосунун (иш-билгилигине ылайык) Конституцияга ылайык эместигин тааныган чечимдеринин юридикалык күчү Конституциянын өзүнүн күчүнө тең.

Ошону менен бирге, азыркы убакта конституциялык көзөмөл органынын чечимдеринин аткарылуусу менен байланыштуу көйгөйлөр

сакталып калууда. Конституциялык соттун чечимдерин, Конституциялык соттун чечимдеринде камтылган тапшырмаларды аткаруу кеңири жөндөлгөнүнө карабастан, белгилүү деңгээлде каалагандай жана ыкчам эмес ишке ашырылат. Ушуга байланыштуу «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын жана «Жогорку Кеңештин Регламенти жөнүндө» Мыйзамдын, ошондой эле алардын негизинде кабыл алынган мыйзамдык актылардын бирдиктүү жана кыйшаюусуз аткарылышын көзөмөлгө алуу боюнча прокуратура органдарынын ишин жыл сайын күчөтүү зарыл.

Конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында натыйжалуулукту жана көз караштарды туюнтуунун сапатын жогорулатуу максатында, бул Президенттин Администрациясында каралгандай эле, анда Президенттин жана Министрлер Кабинетинин Конституциялык соттогу ыйгарым укуктуу өкүлүнүн кызмат орду каралган, Конституциялык сотто Жогорку Кеңештин, Жогорку соттун, Башкы прокуратуранын, Юстиция министрлигинин, көрсөтүлгөн мамлекеттик органдардын жетекчилеринин орун басарларынын деңгээлинен төмөн эмес туруктуу (ыйгарым укуктуу) өкүлдөр институтун киргизүү зарыл.

Конституциялык соттун чечимдерине карата кеңири жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу үчүн аларды расмий басылмаларда акысыз негизде жарыялоо маселесин чечүү зарыл.

Мамлекетте конституциялык мыйзамдуулукту чыңдоо максатында, калктын Конституциялык соттун иши жөнүндө билим деңгээли үзгүлтүксүз жогорулашы зарыл. Ушуга байланыштуу, конституционализмди өнүктүрүү боюнча ар түрдүү иш-чараларды, анын ичинде максаттуу топтор үчүн жайкы мектептерди, ЖОЖдордо Конституциялык соттун судьяларынын меймандык лекцияларын, студенттердин арасында ар жылдык конкустарды өткөрүүнү улантуу, ошондой эле ЖОЖдордо конституционализм борборлорун уюштурууну караштыруу керек.

Мындан тышкары, конституциялык көзөмөлдү жүзөгө ашыруучу, сот бийлигинин жогорку органы катары Конституциялык соттун, жана анын аппаратынын жогорулатылган статусун жана ролун, ошондой эле бийликтерди ажырымдап бөлүүдө тең салмактуулукту камсыз кылууну эске алуу менен, кабыл алынган конституциялык өзгөрүүлөргө байланыштуу колдонуудагы мыйзамдарды кайра карап чыгуу боюнча иштерди жүргүзүүнү бүткөрүү зарыл.

### 3.2. Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор

Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жарандык, кылмыш-жаза, экономикалык, административдик жана башка иштер боюнча сот процессинин катышуучуларынын кайрылуулары боюнча соттук чечимдерди кайра кароону жүзөгө ашыруучу сот бийлигинин жогорку органы болуп саналат.

Конституциялык өзгөрүүлөр Жогорку соттун төрагасын жана анын орун басарларын, жергиликтүү соттордун төрагаларын шайлоого\дайындоого, Жогорку соттун төрагасынын ыйгарым укуктарына, Жогорку соттун судьяларынын кызмат орундарына талапкерлерге карата талаптарга тийиштүү болду. Конституциялык жоболорго ылайык, Жогорку соттун төрагасы жана анын орун басарлары Президент тарабынан беш жылдык мөөнөткө шайланышат. Мурда алар Жогорку соттун судьяларынын чогулушу тарабынан үч жылдык мөөнөткө шайланышчу. Жергиликтүү соттордун төрагалары Согорку соттун төрагасы тарабынан беш жылга дайындалат, мурда алар дагы жергиликтүү соттордун судьяларынын чогулушу тарабынан үч жылдык мөөнөткө шайланышчу. Жогорку соттун судьяларынын кызмат орундарына талапкерлер үчүн жогорулатылган талаптар белгиленген – юридикалык кесип боюнча 15 жылдан кем эмес эмгек стажы болгону, мурда эмгек стажына карата бул талап 10 жылды түзчү. Жергиликтүү соттордун судьяларын которуу (орун алмаштыруу) Жогорку соттун төрагасы тарабынан жүзөгө ашырылат, ал эми мурда бул Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин ыйгарым укуктарына кирчү. Ошондой эле өзүнүн карамагындагы маселелер боюнча мыйзам чыгаруу укугунун берилгени Жогорку соттун ишиндеги маанилүү конституциялык өзгөрүү болуп калды.

Конституциялык жоболорду ишке ашырууда «Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттору жөнүндө» жаңы конституциялык мыйзам кабыл алынды.

Жогорку сот жана жергиликтүү соттор (биринчи жана экинчи инстанциянын соттору) соттордун бирдиктүү тутумун түзөт. Мындай бирдиктүүлүк төмөнкүлөр менен камсыз кылынат: 1) Конституцияда жана мыйзамдарда белгиленген сот адилеттигинин жалпы жана бирдиктүү принциптери; 2) бардык соттор тарабынан мыйзамдарда белгиленген сот өндүрүшүнүн бирдиктүү эрежелерин сактоо; 3) бардык соттор тарабынан Конституцияны жана мыйзамдарды, эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерин жана ченемдерин жана мыйзамдарга ылайык күчүнө кирген

эл аралык келишимдерди бир түрдүү колдонуу; 4) мыйзамдуу күчүнө кирген сот актыларынын Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында аткарылышынын милдеттүүлүгү; 5) судьялардын статусунун бирдиктүүлүгүн мыйзамдарда бекемдөө; 6) сотторду республикалык бюджеттен каржылоо.

Жогорку сот үч соттук коллегиянын жана Жогорку соттун пленумунун курамында аракеттенет. Пленумдун жана соттук коллегиялардын ыйгарым укуктары конституциялык мыйзам менен бекемделген. Жүргүзүлүп жаткан соттук реформалардын алкагында 2016-жылдын августунан тартып, Жогорку соттун Пленумунун токтому соттор үчүн милдеттүү болуп саналарын белгилей кетүү керек.

Жогорку соттун ишин Жогорку соттун Аппараты камсыз кылат. Жогорку соттун Аппаратынын кызматчыларынын чектик саны, анын түзүмү жана штаттык саны чыгымдардын сметасынын чектеринде, Жогорку соттун төрагасынын сунуштамасы боюнча Судьялар кеңеши тарабынан белгиленет.

Жергиликтүү соттордун тутумун төмөнкүлөр түзөт: биринчи инстанциядагы соттор (райондук соттор, (шаардагы) райондук соттор, шаардык соттор, административдик соттор); экинчи инстанциядагы соттор (облустук соттор, Бишкек шаардык соту). Жергиликтүү сотторду түзүү, кайра уюштуруу жана жоюу, жергиликтүү соттордун судьяларынын санын өзгөртүү мыйзамга ылайык гана жүзөгө ашырылат. Жергиликтүү соттордун судьяларынын санын өзгөртүүгө Судьялар кеңешинин сунушу боюнча гана жол берилет.

Биринчи инстанциядагы соттордун саны 64, алардын ичинен: 44 – райондук соттор, 12 – шаардык соттор, 8 – административдик соттор. Акыркылары «Айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2020-жылдын 11-апрелиндеги №39 мыйзамына ылайык, райондор аралык соттордун негизинде түзүлгөн.

Өлкөдөгү экинчи инстанциядагы соттордун саны 8. Алар иштерди апелляциялык тартипте карашат, ал үчүн ар бир ошондой сотто тишелүү соттук коллегиялар уюштурулат.

Ар бир жергиликтүү сотто судьялардын ишин анын аппараты камсыз кылат. Жергиликтүү соттордун аппаратынын кызматчылары соттордун сот адилеттигин жүзөгө ашыруу, соттук иш-тажырыйбаны жалпылоо, соттук статистиканы жүргүзүү жана башка иштерин камсыз кылат. Аппараттын кызматчылары, тейлөөчү персоналды кошпогондо, мамлекеттик кызматта

турушат. Аппараттардын мамлекеттик кызматчылары тиешелүү жергиликтүү соттун төрагасынын сунуштамасы боюнча, Сот департаментинин жетекчиси тарабынан кызмат орундарына дайындалышат жана кызмат орундарынан бошотулушат. Жергиликтүү соттордун аппараттарынын кызматчыларынын чектик саны, алардын түзүмү жана штаттык саны чыгымдардын сметасынын чектеринде, жергиликтүү соттордун төрагаларынын сунуштамалары боюнча, Судьялар кеңешинин макулдугу менен, Сот департаментинин жетекчиси тарабынан белгиленет.

Азыркы убакта сот тутумунун ишинде соттук процесстердин ачыктыгына жана айкындыгына, соттук башкарууну, соттук иш-тажырыйбанын бир түрдүүлүгүн өркүндөтүүгө жана жемкорлуктун көрүнүштөрүн жоюуга өбөлгө болуучу ири масштабдагы реформалар улантылууда. Жергиликтүү соттордун жана Жогорку соттун сот залдарында соттук отурумдарды укма-көрмө каттоо тутумдарынын орнотулушу; «Сот» автоматташтырылган маалыматтык тутумун (АМТ) киргизүү; басма сөз-катчылары жана жооптуу судьялар институттары аркылуу соттордун иши жөнүндө коомчулукту үзгүлтүксүз кабарландыруу, ошондой эле сот адилеттигин ишке ашырууда жана аймактардагы соттордун ишинин сапатын жогорулатууда жемкорлук көрүнүштөрүн жоюу максатында жергиликтүү соттордун судьяларын кеңири орун которуштуруу[2] мына ушундай реформанын абдан айкын мисалдары болуп саналат.

Жетишилген натыйжаларга карабастан, жарандардын ишеним деңгээлин жогорулатуу үчүн сот тутумунун иши андан ары өркүндөтүүнү талап кылат. Сотторду башкаруунун жаңычыл усулдарын колдонуу, талаш-тартыштарды сот өндүрүшүндө кароонун эң мыкты иш-тажырыйбаларын өздөштүрүү жана сот адилеттигин жүзөгө ашырууда судьялардын чыныгы көз карандысыздыгын камсыз кылуу сот тутумунда орун алган көйгөйлөрдү чечүүнүн негизги чаралары болуп саналат. Адамдарга багыттамаланган, сот адилеттиги тутумунун маанилүү элементи болуп саналган соттордо иштерди башкаруунун натыйжалуу чараларынын дагы бири бул сотттордо иштерди башкаруунун жаңычыл усулдарын (active case management) кылдат пайдалана билүү болуп саналат.

КР 2018–2040-жылдары өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясын аткаруу максатында, ушул Максаттуу программада Жогорку сотто жана

[2] Президенттин 2022-жылдын 30-апрелиндеги Жарлыктары менен жергиликтүү соттордун 312 судьясы орун которуштурулган.

жергиликтүү соттордо иш кагаздарын жүргүзүүнү толугу менен мамлекеттик тилге өткөрүү боюнча иш-чаралар каралган.

### 3.3. Соттук өз алдынча башкаруу

Конституцияга ылайык соттордун ички ишинин маселелерин чечүү үчүн соттук өз алдынча башкаруу иштейт. Судьялардын съезди, Судьялардын кеңеши жана судьялардын чогулушу соттук өз алдынча башкаруунун органдары болуп саналат. Судьялардын съезди соттук өз алдынча башкаруунун жогорку органы болуп саналат. Судьялар кеңеши судьялардын съезддеринин ортосундагы мезгилде иштөөчү жана судьялардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоону, судьяларды тартип жоопкерчилигине тартуу жөнүндө маселелерди кароону, соттордун бюджеттеринин түзүлүшүн жана аткарылышын көзөмөлдөөнү, судьяларды окутууну жана квалификациялык даярдыктарын жогорулатууну уюштурууну жүзөгө ашыруучу соттук өз алдынча башкаруунун шайлануучу органы болуп саналат. Судьялар чогулушу соттук өз алдынча башкаруунун баштапкы органы болуп саналат. Соттук өз алдынча башкаруу органдарын уюштуруунун жана ишинин негизги принциптери, алардын укуктук статусу «Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзам менен аныкталат.

Судьялар кеңеши судьялар коомдоштугунун мүчөлөрүнүн ичинен, үч жылдык мөөнөткө, гендердик өкүлчүлүктү эске алуу менен (бир жыныстагы адамдардын жетимиш пайыздан ашпаган) шайлануучу 15 мүчөдөн турган курамда түзүлөт. Соттук өз алдынча башкаруу органдарына шайланган адамдар өз ишин коомдук башталышта жүзөгө ашырышат.

Судьялар кеңешинин төрагасы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинде бюджет маселелери боюнча соттук өз алдынча башкаруу органдарынын атынан чыгат.

«Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамга ылайык, Судьялар кеңеши судьялар коомдоштугунун укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча судьялардын көз карандысыздыгын жогорулатууга багытталган бир катар маанилүү ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат, бирок Кеңеш анын ишин уюштуруудагы олуттуу мүчүлүштүктөрдөн улам аларды толук ишке ашыра албай келе жатат. Судьялар кеңешинин ишин кыскача талдоо көрсөткөндөй, анын ишинин көлөмү жыл сайын өсүүдө, бул 2022-жылы Судьялар кеңешинин мүчөлөрүнөн жыл сайын жергиликтүү соттордун үч жыл иштеген

судьяларынын ишин баалоону талап кылган Кыргыз Республикасынын судьяларынын кесипкөй ишин баалоону жүргүзүү жөнүндө Жобонун кабыл алынганына дагы байланыштуу болууда.

Судьялар кеңешинин иши Сот департаментиинин атайын уюштурулган, кызматкерлери Судьялар кеңешинин ишин эксперттик камсыз кылуу үчүн атайын билимдерге ээ болбогон түзүмдүк бөлүмү тарабынан камсыз кылынат. Судьялар кеңешинин ишинин көпчүлүк бөлүгү маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуусуз аткарылат, бул Судьялар кеңешинин отурумдарында көп сандаган убакыттын майнапсыз коромжу болуусуна алып келүүдө. Судьялар кеңешинин мүчөлөрүнүн судьялык иштен ажыратылбаган иштери дагы соттук өз алдынча башкаруу органынын милдеттерин натыйжалуу аткарууга өбөлгө болбойт.

Судьялардын көз карандысыздыгын камсыз кылуудагы Судьялар кеңешинин маанилүү ролун эске алуу менен, ушул Максаттуу программанын алкактарында жогоруда белгиленген көйгөйлөрдү талаптагыдай чечүү сунушталат.

Алып айтканда, гендердик жана аймактык өкүлчүлүктү эске алуу менен, Судьялар кеңешинин мүчөлөрүнүн санын он бештен жыйырма адамга чейин көбөйтүү; Судьялар кеңешинин ишине маалыматтык-коммуникациялык технологияларды киргизүү; Судьялар кеңешинин ишин камсыз кылуучу бөлүмдүн, жана анын кызматчыларынын ролун жана статусун арттыруу; Судьялар кеңешинин катчылыгын материалдык-техникалык камсыз кылууну жакшыртуу.

### 3.4. Кыргыз Республикасынын Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеши

2021-жылдын 5-майында Конституциянын кабыл алынышы менен, конституциялык орган Судьяларды тандоо боюнча Кеңеш Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги иштери боюнча Кеңеш (мындан ары – Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеш) болуп кайра уюшулган.

Мурда Кыргыз Республикасынын Судьяларды тандоо боюнча кеңеши 24 мүчөдөн турган, алардын ичинен 8и – бул судьялар корпусунун өкүлдөрү, 8и – парламенттик көпчүлүктүн өкүлдөрү, 8и– парламенттик азчылыктын өкүлдөрү болушкан. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына 2017-жылы киргизилген өзгөртүүлөрдөн кийин Кыргыз Республикасынын Судьяларды тандоо боюнча кеңешинин мүчөлөрүнүн саны 9 кишиге чейин кыскартылган.

Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеш 12 мүчөдөн турат жана анын курамынын үчтөн экисинен кем эмесин түзгөн судьялардын ичинен түзүлөт, үчтөн бирин бир жыныстагы адамдардын жетимиш пайыздан ашпаган өкүлчүлүгүн эске алуу менен, Президенттин, Жогорку Кеңештин, Элдик Курултайдын жана юридикалык коомчулуктун өкүлдөрү түзөт. Ошентип, Кеңештин курамы Судьялар кеңеши тарабынан шайланган 8 судьядан, Президенттин бир өкүлүнөн, Жогорку Кеңештин депутаттарынын ичинен Жогорку Кеңеш тарабынан шайланган бир өкүлүнөн, Элдик Курултайдын бир өкүлүнөн, Жогорку Кеңеш тарабынан шайланган юридикалык коомчулуктун бир өкүлүнөн түзүлөт.

Сот адилеттиги иштери боюнча кеңештин негизги милдети Конституциялык, Жогорку, жергиликтүү соттордун судьяларынын бош кызмат орундарына конкурстук негизде талапкерлерди тандоо болуп саналат, анын жыйынтыгы боюнча Президентке аларды шайлоого же дайындоого сунуштама жиберилет.

Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеш көз карандысыз орган болуп саналат жана өзүнүн ишинде Кыргыз Республикасындагы эч кандай мамлекеттик органга отчет бербейт.

Конкурстук тандоонун тартиби «Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги иштери боюнча Кеңеш жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык майзамдар, Кыргыз Республикасынын судьяларынын кызмат орундарына конкурстук тандоо өткөрүүнүн тартиби жөнүндө Жобо жана Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги иштери боюнча кеңешинин Регламенти менен аныкталган.

Сот адилеттиги иштери боюнча кеңешке карата ишенимди жогорулатуу жана конкурстук тандоодо субъективизмди жоюу максатында, конкурстук тандоону өткөрүүнүн тартибин, судьялардын кызмат орундарына талапкерлерге карата талаптарды өзгөртүүгө багытталган бир катар иш-чараларды жүргүзүү зарыл.

Алып айтканда, чет өлкөлөрдүн иш-тажырыйбасын жана тажырыйбасын эске алуу менен, судьяларды тандоо процессин жөнгө салуучу мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү маселелелерин кароо; судьялардын кызмат орундарына талапкерлерди тандоонун критерийлерин өркүндөтүү; Сот адилеттиги иштери боюнча кеңештин ишинин өзгөчөлүгү эске алынган иш кагаздарын жүргүзүү боюнча ички документтерди даярдоо менен, конкурстук тандоону өткөрүү жолжобосу боюнча компьютердик программаларды иштеп чыгуу максатка ылайыктуу.

### 3.5. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаменти

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаменти (мындан ары – Сот департаменти) жергиликтүү соттордун ишин уюштуруучулук, материалдык-техникалык жана башка жактардан камсыз кылууну, мыйзамдуу күчүнө кирген мыйзамдарда каралган соттук жана башка актылардын аткарылышын, ошондой эле сот адилеттигин толук жана көз карандысыз жүзөгө ашыруу үчүн шарттарды түзүүгө жана соттук өз алдынча башкаруу органдарынын жана Кыргыз Республикасынын Сот адилеттиги иштери боюнча кеңешинин иштерин уюштуруучулук, материалдык, техникалык жана усулдук камсыз кылууга багытталган башка мүнөздөгү иш-аракеттерди жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп саналат.

Сот департаментин уюштуруу жана иштөө тартиби Жогорку соттун төрагасынын сунуштамасы боюнча, Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши тарабынан бекитилүүчү жобо менен аныкталат.

Сот департаменти аймактык бөлүмдөргө ээ: сот аткаруучулар кызматы бөлүмү жана сот приставдар кызматы бөлүмү штаттары менен, 7 облустук башкармалыктары; Бишкек шаары боюнча сот аткаруучулар кызматы бөлүмү; Бишкек шаарынын сот приставдар кызматы бөлүмү.

Сот департаменти өз ишинде Жогорку соттун төрагасына жана Судьялар кеңешине отчет берет.

Сот департаментинин алдында сот тутумунун органдарына маалыматтык кызмат көрсөтүүлөрдү берүү жана маалыматтык тутумдарды коштоо, ошондой эле сот тутуму үчүн программалык өнүмдөрү иштеп чыгуу жана коштоо максатында, 2016-жылы уюшулган маалыматтык технологиялар боюнча «Адилет-сот» Мекемеси бар.

Серептин толук болуусу үчүн ушул Максаттуу программанын алкагында, Сот департаментинин иши, ал төмөнкү жолдор менен ишке ашыруучу анын негизги милдеттеринин багыттарында сыпаттамаланып көрсөтүлгөн: (1) жергиликтүү соттордун, соттук өз алдынча башкаруу органдарынын жана Сот адилеттиги иштери боюнча кеңештин иштерин уюштуруучулук, материалдык-техникалык жана башка жактардан камсыз кылуу; (2) сот аткаруучулар кызматы бөлүмдөрүн уюштуруу жана ишин көзөмөлдөө; (3) сот приставдары кызматы бөлүмдөрүн уюштуруу жана ишин көзөмөлдөө.

### 3.6. Жогорку сотко караштуу сот адилеттиги жогорку мектеби

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттиги жогорку мектеби (мындан ары – Сот адилеттиги жогорку мектеби) судьяларды, соттордун аппараттарынын, Сот департаментинин кызматкерлерин окутууну жана кесиптик даярдыктарын жогорулатууну жүзөгө ашырат. Сот адилеттиги жогорку мектебинин ишине кесиптик билим берүү жөнүндө мыйзамдар жайылтылбайт. Сот адилеттиги жогорку мектебин уюштуруу жана иштөө тартиби Жогорку соттун төрагасынын сунуштамасы боюнча, Судьялар кеңеши тарабынан бекитилүүчү жобо менен жөндөлөт. Сот адилеттиги жогорку мектебинин директору Судьялар кеңешинин макулдугу менен, Жогорку соттун төрагасы тарабынан дайындалат.

Сот адилеттиги жогорку мектеби туруктуу негизде, колдонуудагы мыйзамдарга жана түзүлгөн иш-тажырыйбага ылайык окуу куралдарынын актуалдуулугун инвентаризациялоого багытталган иштерди жүргүзөт. Окуу планына ылайык жаңы окуу куралдары иштеп чыгылат жана мамлекеттик жана расмий тилдерде мурда даярдалган окуу куралдары ийине жеткириле иштелет.

Окутуунун сапатын талдоо окуп жаткандарды анонимдүү анкетирлөөнүн натыйжаларын окуп-үйрөнүү, иликтөө жолу менен жүргүзүлөт жана Сот адилеттиги жогорку мектебинин ишинин натыйжалуулук деңгээлин баалоо боюнча отчеттор түзүлөт.

Азыркы убакта соттордун укук колдонуу иш-тажырыбаларынын актуалдуу маселелерин камтыган тематикалык программалар боюнча окутуучу иш-чаралары оффлайн-, ошондой эле онлайн-форматта дагы жүргүзүлөт.

Сот адилеттиги жогорку мектебинин ишин санариптештирүүнүн алкагында окутуунун санариптик платформасы иштеп чыгылган жана киргизилген, ал пайдалануучулардын окутууга жана натыйжаларды баамдоого бирдиктүү жеткиликтүүлүгүн, окутуу материалдарына жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларына карата жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу үчүн арналган.

Санариптик платформа биринчи дайындалган судьяларды окутуунун жана иштеп жаткан судьялардын, ошондой эле сот тутумунун кызматкерлеринин кесиптик даярдыктарын жогорулатуунун бирдиктүү электрондук тутуму болуп саналат, ага окуунун башталышы, окутуунун учурдагы статусу жөнүндө маалыматтар жана өткөрүлгөн окутуулар

жөнүндө жасылган маалыматтар киргизилет. Ошондой эле Платформанын иш-милдети өз ичине пайдалануучулук жазууларды түзүүнү, сактоону, эсепке алууну, өткөрүлгөн\өтүлүп жаткан окутуулардын натыйжаларын жана окутуучу тексттик жана мультмедиа файлдарын камтыйт. Ушуга байланыштуу, көрсөтүлгөн жумуштар улантылышы керек, бул келечегинде бюджеттик каражаттардын үнөмдөлүүсүнө алып келет.

Сот адилеттиги жогорку мектебинин дараметин мындан ары карай чыңдоо, донордук жардамдардан көз карандылыгын жоюу, ошондой эле Сот адилеттиги жогорку мектебин бир юридикалык ЖОЖдун негизинде Сот адилеттиги академиясына кайра уюштуруу маселеси окуп-үйрөнүү, тыкытр иликтөө талап кылынат.

Судьялар соттук чечимдерди даярдоо, өкүм чыгаруу, жалпыга маалымдоо каражаттары жана коомчулук менен баарлашуу боюнча, ошондой эле соттук териштирүүнүн контесттинде кыйла кеңири түшүнүүнү өнүктүрүү боюнча көндүмдөргө ээ боуулары тийиш. Бирок академиялык даярдык эле жетишсиз, жана аны судьялык иштин чыныгы иш жүзүндөгү тажырыйбасына ылайык, окутуу усулунун жана дайындуу иштерди иликтөөнүн кыйла кеңири спектри менен толуктоо зарыл.

Ушуга байланыштуу, соттордун ишинин сапатын жогорулатуунун жана аларга кызмат көрсөтүүнүн майнаптуу аспаптарынын бирин унутта калтырууга болбойт, бул насаатчылык институту болуп саналат. Насаатчылыкты кеңири киргизүү судьялар үчүн зарыл чечим болуп саналат, анткени судьялык кызматчыларды натыйжалуу өнүктүрүү тутуму сот тутумунун кадрдык дараметин калыптандырууга тыкыр ойлонулган сапаттуу мамилени камсыз кылуучу аспаптарга, ыкмаларга абдан муктаж.

Насаатчылык биринчи дайындалган судьялардын судьялык ишке өтүп, ролго кирүүлөрүнө жана алардын тутумга ишенимдүү аралашууларына, алардын судьялык корпустагы карьерасы ичинде судьяларды колдоого алууда жана кыйла күчтүү дараметтерин сактап калууда, ошондой эле азыркы жана болочоктогу суьдялык лидерлерди өстүрүүдө натыйжалуу каражат болуп саналат. Насаатчылык тутуму жаш судьяларда сот адилеттигин ишке ашыруу сапатын өнүктүрүүлөрүнө жана иштин шарттарына тезирээк көнүүлөрүнө мүмкүнчүлүк түзөт.

### 3.7. Сот арачылары

Конституцияга ылайык, ар бир адам мыйзамда белгиленген учурларда сот арачыларынын катышуусу менен ишинин сотто каралышына укуктуу. Ушул Конституциялык ченемди ишке ашырууда 2009-жылы

«Кыргыз Республикасынын сотторундагы сот арачылары жөнүндө» Мыйзам кабыл алынган, бирок анын күчүнө кирүү мөөнөтү 2012-жылга чейин кийинкиге калтырылган. Мыйзамдын күчүнө кирүү мөөнөттөрү андан кийин дагы каржылоонун жетишсиздигинин жана соттордун инфратүзүмүнүн даяр эместигинин себептери боюнча бир нече ирээт кийинкиге калтырылган. Көрсөтүлгөн мыйзамга акыркы өзгөртүүлөр 2019-жылы киргизилген, анда мыйзамдын 2025-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирери каралган.

Мыйзамга ылайык 25 жашка толгон жана 65 жаштан ашпаган, сот арачыларынын талапкерлеринин тизмесине кошулган жана кылмыш-жаза ишин кароого катышууга тандалып алынган Кыргыз Республикасынын жараны сот арачысы боло алат. Сот арачылары сот адилеттигин жүргүзүүгө 9 кишинин курамында коллегиялуу катышат.

Азыркы учурда Мыйзамдын көп жоболору өзүнүн актуалдуулугун жоготкон жана жарандардын сот арачыларынын катышуусу менен ишинин сотто каралышына укугун толук өлчөмдө камсыз кыла албайт, бул жагдай жаңы Мыйзамдын кабыл алынышын, андан ары карай колдонуудагы мыйзамдарды анын толук ишке ашырылуусуна ылайык келтирилишин талап кылат. Алып айтканда, өмүр боюу эркиндигинен ажыратуу сыяктуу жазанын түрүн камтыган (Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодексинин 154-беренесинин 4-бөлүгү, 155-беренесинин 4-бөлүгү, 252-беренесинин 3-бөлүгү), сот арачыларынын катышуусу менен каралуусу тийиш болгон кылмыштардын тизмегин толуктоо зарыл. Анткени, КР кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 46-беренесинин 1-бөлүгүнүн 16-пунктуна ылайык, айыпталуучу эгерде ал өмүр бою эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза каралган кылмышты жасаганына айыпталып жатса, анын кылмыш ишин сот арачыларынын катышуусу менен кароо жөнүндө өтүнүч берүүгө укугу бар. Ошондой эле сот арачыларынын коллегиясынын санын 9дан 7ге өзгөртүү зарыл. Бул сунуш аймактардагы туруктуу жашаган калктын саны абдан айырмалуу экени менен байланыштуу.

### 3.8. Сот тутумун каржылоо

Конституцияга ылайык сотторду каржылоо республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт жана сот адилеттигин толук жана көз карандысыз жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылышы керек. Сот тутумунун бюджети сот бийлиги тарабынан өз алдынча түзүлөт жана республикалык бюджетке кошулат.

Конституциялык жоболорду ишке ашырууда сот тутумунун бюджети өзүнчө түзүлгөн Конституциялык соттун, Жогорку соттун, жергиликтүү соттордун бюджеттеринен турат, ал жогорку соттордун аппараттары жана тийиштүүлүгүнө жараша Сот департаменти тарабынан аткарылат.

Сот тутумунун бюджетин түзүүдө ММП-1де жана ММП-2де сот бийлиги бутагын жетиштүү каржылоо боюнча төмөнкүдөй милдеттер коюлган: (1) сот тутумун (анын ичинде, судьялардын жана соттордун аппарат кызматчыларынын эмгек акыларын жогорулатуу) каржылоого бюджеттин чыгымдар бөлүгүнүн эки пайыздык үлүшүнө жетүү, бара-бара; (2) судьялардын жана соттордун аппарат кызматчыларынын эмгек акыларынын көлөмүн жана шарттарын аныктоодо бийликтин аткаруу бутагынын таасирин жокко чыгаруу; (3) республикалык бюджетти түзүүдө сот тутумунун бюджетинин көлөмүнө бийликтин аткаруу бутагынын таасирин жокко чыгаруу («көзөмөлдүк сандарды» белгилөөнү жокко чыгаруу),

Акыркы 2 жылдын аралыгында судьялардын жана сот тутумунун, Сот департаментинин жана Сот адилиттиги жогорку мектебинин кызматчыларынын эмгек маяналарын көбөйтүү боюнча олуттуу кадамдар жасалды. Алып айтканда, 2021-жылдын июнунда КР судьяларынын эмгек маяналары 2 эсеге жогорулатылды. 2022-жылдын августунда соттордун аппараттарынын, Сот департаментинин жана Сот адилеттиги жогорку мектебинин кызматкерлеринин эмгек маяналары 1,5–2 эсеге көбөйтүлдү. Буга чейин Кыргыз Республикасынын судьяларынын, сот аппараттарынын, Сот департаментинин жана анын аймактык бөлүмдөрүнүн кызматчыларынын эмгек маяналары 2013-жылы гана кайра каралган болчу. Сот тутумунун корголгон статьялары финансы менен толук камсыз кылынган.

Ошону менен бирге республикалык бюджеттин чыгымдар бөлүгүнүн 2 пайызынан кем эмес финансылык каражатты жыл сайын сот тутумуна бөлүп берүү бөлүгүндө иш-чаралар аткарылган эмес. 2019–2022-жылдарга Мамлекеттик максаттуу программанын аткарылышын талдоо көрсөткөндөй, сот тутумунун ишин финансылык камсыз кылуу тийиштүү деңгээлде болгон эмес (1-таблица).

Көрсөтүлгөн Мамлекеттик максаттуу программага ылайык, тартып сот тутумунун бюджетинин бара-бара көбөйүшү 2019-жылдан республикалык бюджеттин чыгымдар бөлүгүнүн 1,5 пайызынан 2 пайызына чейин болушу керек болчу.

**КР мамлекеттик бюджетинен каражаттарды бөлүү жөнүндө Салыштырма таблица**

1-таблица. миң сом

| Жыл | Республикалык бюджеттин ЖК бекитикен чыгымдар бөлүгү | Сот тутумунун ЖК кабыл алган бюджети | Бюджеттин чыгымдар бөлүгүнүн бөлүнгөн % | 2 % бөлүүдө каражаттар дын өлчөмү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| **2019** | 152 100,9 | 1 829,5 | 1,2 | 3 042,0 |
| **2020** | 163 710,4 | 1 959,3 | 1,2 | 3 274,2 |
| **2021** | 172 891,6 | 1 575,5 | 0,9 | 3 454,83 |
| **2022** | 282 112,8 | 2 128,9 | 0,75 | 5 642,25 |
| **Суммасы** | 770 815,7 | 7 493,2 | 0,97 | **15 413,28** |


1-таблицадан көрүнүп тургандай, сот тутумунун бюджети жыл сайын кошундусунда көбөйгөнү менен, бирок республикалык бюджеттин чыгымдар бөлүгүнүн пайызында азайган. Эгерде 2019-жылы бөлүнгөн каражаттар 1,2 пайызды түзсө, ал эми 2022-жылы бөлүнгөн каражаттардын үлүшү 0,75 пайызды гана түзгөн.

### 3.9. Сот тутумунун 2019–2022-жылдар үчүн бюджетинин аткарылышы

2-таблица.

| **Жыл** | **КР ЖК бекиткен** | **Каржыланган** | **Каржыланбаган** | **Бекитилген бюджеттин %** |
|---|---|---|---|---|
| 2019 | 1 829,5 | 1 143,6 | 685,9 | 62,5 |
| 2020 | 1 959,3 | 1 064,0 | 913,3 | 54,3 |
| 2021 | 1 575,5 | 1 291, 7 | 283,8 | 81,9 |
| 2022 | | | | |

1-диаграмма.




КР ЖК бекиткен бюджет Каржыланган Жетишсиз каржыланган

2019–2021-жылдар үчүн бөлүнгөн финансылык ресурстар боюнча сот тутумунун бюджетинин аткарылышы 2-таблицада көрсөтүлгөн сандардан көрүнүп турат.

Жыл сайын ачык насыялардын каржыланбай калганы 3 жыл (2019–2021) үчүн – 1 млн. 883 миң сомду түзгөн. «Финансылык эмес активдер» статьясы боюнча чыгымдарды каржылоо абдан төмөнкү деңгээлде камсыз кылынган.

2019–2022-жылдарга Мамлекеттик максаттуу программанын аткарылбаганынын негизги себептери төмөнкүлөр болуп саналган:

1) сот тутумуна каражаттарды жетишсиз бөлүү;

2) бюджетте каралган каражаттардан сот тутумун жетишсиз каржылоо;

3) сот бийлигинин өз керектөөлөрүн бюджеттөө боюнча ишинин натыйжасыздыгы.

### 3.10. 2023–2026-жылдарга сот тутумунун бюджетинин долбоору

| | *2023* | *2024* | *2025* | *2026* |
|---|---|---|---|---|
| КР Жог. соту | 267 932,3 | 262 932,3 | 262 932,3 | 313 459,9 |
| КР Конс. соту | 115 150,0 | 115 150,0 | 115 150,0 | 126 150,0 |
| КР СД (жергилик. соттор)<br>КР СД (БА) | 4 643 395,6 | 5 887 147,7 | 6 637 376,4 | 6 514 208,9 |
| СЖМ | 40 209,7 | 38 503,3 | 38 820,3 | 39 409,1 |
| **Баары:** | **5 066 688,6** | **6 303 734,0** | **7 054 279,0** | **7 094 279,0** |

| |
|---|
| **Жалпы жыйынтыгы: 25 518 980,6** |

## 3.11. Сотторду жана соттук өз алдынча башкаруу органдарын материалдык-техникалык жабдуу

Соттордун инфратүзүмү да төмөнкү деңгээлдеги бойдон калууда, соттордун имараттарынын 90 пайызы модернизациялоого муктаж, соттук отурумдар залдарынын кескин жетишсиздиги орун алган. Сот адилеттигин жүзөгө ашыруу үчүн зарыл шарттарды түзүү, башкача айтканда, сотторду сот өндүрүшүнүн бардык түрлөрү боюнча сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун заманбап талаптарына жооп берген, имараттарга жайгаштыруу ачыктыкты жана жарандардын сот адилеттигине жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуунун маанилүү фактору болуп саналат.

Азыркы убакта Кыргыз Республикасынын соттору 77 имаратта жайгашкан, анын ичинде: Конституциялык соттун, Жогорку соттун, 68 жергиликтүү соттордун имараттары бар, 2 жергиликтүү сот мамлекеттик департаменттердин имараттарында жайгашкан жана 2 соттун өз имараттары жок жана башка ведомстволордун имараттарында жайгашышкан. Имараттардын 24,7 пайызы жетиштүү коммуналдык ыңгайлуулуктар (борборлоштурулган жылуулук, муздак суу менен жабдуу) менен жабдылган, калган имараттардын жетиштүү ыңгайлуулуктары жок.

Иш жүзүндө бардык соттор атайын соттор үчүн долбоорлонбогон, а универсалдуу мамлекеттик мекемелер үчүн курулган имараттарда жайгашышкан: классикалык имараттар 2-4 кабаттуу, төрт чарчы формада, узун өзөктүү далисттери жана бөлмөлөр ар бир далистин эки тарабында жайгашкан. Бул сот тутумунун органдарынын функционалдык иши үчүн ыңгайлаштырылбаган, дизайны боюнча басымдуулук кылган имараттардын тиби болуп саналат.

ММП-2 иш-чараларын ишке ашыруунун алкагында Каракол шаарында (Ысык-Көл облусу), Жалал-Абад облусунда сот адилеттиги үйлөрүн капиталдык оңдоо жана кайра тармакташтыруу, ошондой эле өлкөнүн аймактарында жергиликтүү соттордун судьялары үчүн ведомстволук үйлөрдү куруу боюнча жумуштар уланууда.

Чүй облусунун Москва районунда, Ош облусунун Алай районунда соттордун жаңы административдик имараттарын, ошондой эле Талас жана

Баткен облустарында сот адилеттиги үйлөрүнүн имараттарын куруу үчүн жер участоктору сатып алынган.

Ошол эле убакта республика боюнча жергиликтүү соттордун 25 имаратын капиталдык оңдоо боюнча жумуштарды улантуу жана жигердентүү талап кылынат, мында 15 жаңы имаратты бөлүп берүү же куруу зарыл.

Соттордо материалдык-техникалык ресурстар менен жетишсиз камсыз болуу, зарыл болгон сандагы компьютердик техниканын жана соттордун ортосунда маалыматтык тарамдын жоктугу, техникалардын жана эмеректердин жетишсиздиги менен байланыштуу белгилүү көйгөйлөр орун алган. Бул соттордун ишинин натыйжалуулугуна олуттуу таасирин тийгизүүдө.

Судьялардын бейкапар иштөөлөрү үчүн социалдык шарттарды түзүү үчүн дагы олуттуу иштер жүргүзүлүүдө: өз турак жайлары жок судьялар жайгашкан турук жайлар үчүн ижара акыларын берүү жана төлөө жүзөгө ашырылууда; Судьялар кеңешинин жана Сот адилеттиги иштери боюнча кеңештин мүчөлөрүнүн ишин коштоо жана колдоо жана башкалар.

Бийликтин аткаруу жана мыйзам чыгаруу бутактарынан айырмалуу бийликтин сот бутагынын ведомстволук эс алуу үйү, балдар бакчалары жок экенин белгилеп коюу керек. Сот тутумунун кызматчыларынын адистештирилген медициналык мекемелерде тейлөө мүмкүнчүлүктөрү чектелүү, жана мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлигинин кызматчыларына түзүлгөн шарттарга шайкеш келбейт.

Ушуга байланыштуу, теңчиликтүү социалдык камсыз кылууну сактоо максатында, сот тутумунун кызматчылары үчүн ведомстволук эс алуу үйүн сатып алуу же болбосо куруу, судьялардын жана Конституциялык жана Жогорку соттордун аппараттарынын кызматкерлеринин балдарын Президенттин Иш башкармалыгына караштуу мектепке чейинки билим берүү мекемелерге бекитүү, Конституциялык жана Жогорку соттордун аппараттарынын кызматкерлерин Президенттин Иш башкармалыгына караштуу дарылоо-ден соолукту чыңдоо бирикмесине бекитүү мүмкүнчүлүгүн караштыруу зарыл.

Бийликтердин теңдемин сактоо максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасынын, Министрлер Кабинетинин Төрагасынын, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун жана Жогорку сотунун төрагаларынын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын

Президентинин Администрациясынын, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Аппаратынын, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун жана Жогорку сотунун Аппараттарынын мамлекеттик кызматчыларынын эмгек акыларын төлөө шарттарын жана алардын бирдей маанилүү өлчөмдөрүн мыйзамдык жактан жана иш жүзүндө белгилөө зарыл.

Көрсөтүлгөн сунуштарды ишке ашыруу үчүн, сот бийлигинин көз карандысыздыгын чыңдоо максатында Бюджеттик кодекске сот тутумуна республикалык бюджеттин 2 пайызынан кем эмесин түзгөн сумманы бөлүп берүү каралган толуктоо киргизүү талап кылынат.

## 3.12. Сот тутумуна маалыматтык-коммуникациялык технологияларды (МКТ) киргизүү

Сотторду кошуп алганда, бардык мамлекеттик органдар чөйрөсүндө, заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу мезгил талабы болуп саналат. Соттордо МКТ киргизүүнүн зарылдыгы Президенттин 2018-жылдын 31-октябрындагы № 221 жарлыгы менен бекитилген, Кыргыз Республикасын 2018–2040-жылдары өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында каралган болчу. Анда соттордун ишинде заманбап маалыматтык технологияларды колдонуу сот адилеттигин ишке ашыруу процессин оптималдаштыруунун артыкчылыктуу багыттарынын бири экени белгиленген (4.3- пункт.). Анын артынан Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин 2018-жылдын 14-декабрындагы № 2 чечими менен жактырылган программалык документ «Санариптик Кыргызстан 2019–2023» санариптик трансформациялоо Концепциясы кабыл алынган. Анда жана Концепцияга карата Жол картасында укуктун үстөмдүгүн жана укук тартиби тутумунда жемкорлуктун деңгээлин төмөндөтүүнү камсыз кылуу укук коргоо органдарынын жана сот бийлиги бутагынын жарандар жана бизнес-түзүмдөр менен санариптик аспаптар аркылуу өз ара аракеттенүүсү, ички процесстерди жана жол-жоболорду толук автоматташтыруу, судьялардын, прокурорлордун, укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин санариптик көндүмдөрүн үзүглтүксүз өркүндөтүү аркылуу ишке ашырылары көрсөтүлгөн. Санариптик аспаптарды киргизүү, анын ичинде укук тартибин камсыз кылууда жана сот адилеттигин жүргүзүүдө криптографикалык протоколдордун жардамы менен соттук документтердин бүтүндүгүн камсыз кылуу санариптик далилдердин мыйзамдык бекемделишин талап кылат (5.2.3. пункт). Жол картасында

артыкчылыктуу багыт катары ар түрдүү маалыматтык тутумдарды «Санариптик сот адилеттиги» бирдиктүү маалыматтык тутумуна интеграциялоону ишке ашыруу көрсөтүлгөн, анда бардык кайра куруулардын андан аркы натыйжалуулугу жана ийгиликтүүлүгү үчүн олуттуу жана ал турмак стратегиялык мааниге ээ болуучу, соттук реформанын маанилүү түзүүчү бөлүгү соттук отурумдарды укма-көрмө жаздырып каттоого алууну киргизүү болуп калмакчы.

Электрондук сот өндүрүшүн киргизүү сот адилеттигинин мүмкүн болушунча ачыктыгына жана жарандардын жеткиликтүүлүгүнө жектишүүгө гана мүмкүнчүлүк түзбөстөн, ошондой эле сот адилеттигинин сапатын, өз убагындалыгын, ачыктыгын жана айкындыгын арттырууга дагы өбөлгө болот.

Жогоруда белгиленген документтерди ишке ашырууда ММП-2 санариптик технологияларды киргизүү боюнча дайындуу иш-чаралар белгиленген, алардын 70 пайызы аткарылган.

Сот тутумунда ММП-2 ишке ашыруу убагында бардык жерлерде судьяларды жана соттордун аппараттарынын кызматчыларын компьютерлер жана үзгүлтүксүз тамак-аш менен камсыз кылуу; жергиликтүү сотторго чейин байланыш чубалгыларын жүргүзүү, аларды коммуникациялык жабдуулар менен камсыз кылуу; соттордун штатына МТ адистеринин киргизүү менен, сот тутуму үчүн маалыматтык порталдарды, сот аткаруучулары үчүн, статистикалык отчеттуулук үчүн маалыматтык тутумдарды иштеп чыгуу милдеттерин чечүүгө мүмкүнчүлүк болду.

Сотторду бардык жерлерде соттук отурумдарды укма- көрмө жаздыруу, электрондук сот өндүрүшүн киргизүү, соттук актыларды Жогорку соттун расмий сайтына жарыялоо боюнча жумуштар аяктоодо. Мында сот тутумун жеткиликтүүлүктү башкаруу тутумун, өрттөн сактоонун коопсуздугун көзөмөлдөө, сотторду көрмө байкоо тутуму менен камсыз кылуу боюнча башталган иштерди улантуу, аягына чыгаруу талап кылынат.

Ошол эле убакта соттордо маалыматтык-коммуникациялык технологияларды киргизүү процессинде төмөнкүдөй көйгөйлөр орун алууда: (1) колдонуудагы укуктук база заманбап айкындуулуктарга жана сот тутумундагы МКТ чөйрөсүндө жүргүзүлүп жаткан өзгөрүүлөргө шайкеш келбейт; (2) соттордун МТ адистеринин эмгек маяналары башка чөйрөлөргө караганда бир кыйла төмөн; (3) сот тутумунда МТ технологияларды киргизүүнүн жетишсиз каржылануусу.

Ушул Максаттуу программанын алкагында сот тутумуна МКТ киргизүүнүн негизги багыттары катары төмөнкүлөр белгиленген:

- Соттордун болгон инфратүзүмдөрүн өнүктүрүү (сотторду, сот аткаруучулар кызматынын бөлүмдөрүн жана электрондук соттук жана аткаруучулук өндүрүшкө өтүүнү камсыз кылуу үчүн маалыматтарды иштетүү Борборун техникалык жана инженердик жаткан жабдууну аягына чыгаруу);
- Соттордо жаңы маалыматтык жана коммуникациялык технологияларды киргизүү (андан ары экс-аймактык соттук таандыктуулукту киргизүү үчүн соттук отурумдарды жана башка процесстик иш-аракеттерди онлайн форматта жүзөгө ашырууга жөндөмдүү);
- Модернизациялоо жана жеткиликтүү жана ыңгайлуу электрондук сот- жана иш кагаздарын жүргүзүү тутумун киргизүү, болгон модулдарды кеңейтүү, сот тутумунун негизги да, ошондой эле көмөкчү процесстерин автоматташтыруу;
- Болгон маалыматтык тутумдарды сот тутумунда өз ара жана башка мамлекеттик органдар менен интеграциялоо. Ресурстарды башкаруу тутуму сыяктуу «Сот», «Карыздарлардын реестри», «Кадрлар» бирдиктүү маалыматтык мейкиндигин, окутуу платформасын, электрондук документ жүгүртүү, укма-көрмө жаздыруу жана ПСЗ тутумун, сот тутумунун маалыматтык сайттарын, Сот адилеттиги порталын, маалыматтар базасын, аларды жүргүзүү жана пайдалануу технологияларын, бирдиктүү принциптердин жана жалпы эрежелердин негизинде иштөөчү маалыматтык тутумдардын жана маалыматтык-телекоммуникациялык тарамдардын интеграциялык процесстерин өз ичине камтыган бирдиктүү маалыматтык мейкиндикти түзүү;
- Юридикалык маанилүү «Электрондук архивди» калыптандыруу;
- Соттук актыларга, материалдарга жана архивдерге карата жетүүнүн натыйжалуу механизмин иштеп чыгуу. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр Порталы менен окшош эле жарандын инсандыгын милдеттүү аутентөөнү жана Бирдиктүү идентификациялоо тутумун киргизүү менен, сот тутуму менен толук өз ара аракеттенүү мүмкүнчүлүгү менен, «Жарандар үчүн жеке кабинет» киргизүү;
- Дене бойлук жана маалыматтык коопсуздукту ийине жеткире иштеп чыгуу жана киргизүү. Ар бир судьянын, соттун аппаратынын

кызматчысынын логинди жана паролду, электрондук колтамганы (мындан ары – ЭСК) пайдалануусунун жана мындай маалыматтарды үчүнчү жактарга берүүсүнүн жол берилгистигин белгилөө маанилүү. Мындан тышкары, маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу саясатын жана регламенттерин иштеп чыгуу жолу менен, сот тутумунун кызматкерлеринин арасында маалыматтык коопсуздук маданиятын өнүктүрүү жана жогорулатуу зарыл;

- Сот адилеттиги жогорку мектебинин окутуу программаларына жана процесстерине санариптик технологияларды киргизүү. Бирдиктүү маалыматтык мейкиндиктин негизинде окутуу үчүн натыйжалуу жана туруктуу платформалар (порталда сот тутумунун иштөө принциптерине жана маселелерине, электрондук сот адилеттигин уюштуруу, маалыматташтыруу чөйрөсүндө мыйзамдарды колдонуу маселелерин ж. б. окуп-үйрөнүүгө арналган билим берүү курстары) өз өнүгүүсүн табуусу тийиш.
- Соттук өз алдынча башкаруу органдарынын, сот адилеттиги тутумунун органдарынын жана институттарынын (Судьялар кеңешинин, Сот адилеттиги иштери боюнча кеңештин, сот аткаруучулар кызматынын бөлүмдөрүнүн) ишине санариптик технологияларды киргизүү.
- Электрондук сот адилеттигин толук кандуу киргизүү үчүн зарыл болгон ченемдик укуктук актыларды (ЧУА) иштеп чыгуу жана кабыл алууга көмөктөшүү: алып айтканда ЭСК колдонуу, тутумда түзүлгөн электрондук көчүрмөлөргө жана документтердин түп нускаларына юридикалык маанилүү документтердин статусун берүү бөлүгүндө, АВФ жана ПСЗ иштөө боюнча, анын ичинде электрондук жазуулардын көчүрмөлөрүн карап чыгууга жана алууга карата жеткиликтүүлүктү берүү процессин тактоодо, соттук отурумдарды алып берүү бөлүгүндө (соттун ичинде, сот тутумунун ичинде, сот тутумунан тышкары ачык режимде, сот тутумунан тышкары жетекчи жана биринчи адамдар үчүн), иштердин бардык категориялары боюнча АВФ жана ПСЗ пайдаланууну бекемдөө үчүн, КР кодекстерине түзөтүүлөрдү даярдоо.
- Сот тутумунун МТ инфратүзүмүн пландаштыруу, түзүү жана тейлөө үчүн маалыматтык технологиялар боюнча «Адилет сот» мекемесин өнүктүрүү. Азыркы учурда «Адилет сот» МТМ сот тутумунун бардык бөлүмдөрү менен келишимдер түзүлбөгөнүнүн себеби боюнча сот тутумунда өзүнүн иш-милдеттерин толук аткарбай келүүдө. Маалыматтык технологияларды жана «Адилет сот» МТМ (мындан ары – АС) техникалык

коштоону кыйла натыйжалуу киргизүү үчүн сот тутумунун бардык институттары менен тиешелүү келишимдерди түзүү зарыл.

- Техникалык колдоо көрсөтүүнү натыйжалуу уюштуруу. Аймактарда туруктуу коштоо топторунун болгону техникалык адистердин квалификациясын жана жабдылууларын жогорулатуу аркылуу кошумча жана тышкы ресурстарды тартпастан эле коштоо боюнча көрсөтүлүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн натыйжалуулугун, ыкчамдуулугун жана деңгээлдерин план ченемдүү арттырууга мүмкүнчүлк берет.

### 3.13. Иштердин категориялары боюнча судьяларды адистештирүү, адистештирилген соттор

Иштердин категориялары боюнча судьяларды адистештирүүнү киргизүү жана\же адистешкен сотторду түзүү сот адилеттигинин сапатын жогорулатуунун чечүүчү элементтеринин бири болуп саналат. Бул укуктук тутумдун өзүнүн туруксуздугу, ошондой эле мыйзам чыгаруу массивинин болгону менен шартталган. Алып айтканда, мамлекеттин ишинин көпчүлүк чөйрөлөрүн укуктук жөнгө салуу олуттуу өзгөрүлгөн жана кеңейген, көптөгөн чөйрөлөрдө (экономика, менчик мамилелери, баалуу кагаздарды колдонуу менен байланышкан иш чөйрөлөрүндө ж. б. ) өзгөрүүлөр процесси уланууда, анын натыйжасында укук мамилелери татаал жана комплекстүү мүнөзгө ээ боло баштады. Өз кезегинде, укук колдонуу процессинин татаалдыгы судьялардан кыйла кенен юридикалык билим чөйрөсүнө, укуктун дайындуу тармактарындагы теориялык маселелерде да, ошондой эле аларды колдонуунун иш-тажырыйбасында дагы терең илим-билимге ээ болууну талап кылууда.

Буга байланыштуу, сот адилеттигин жүргүзүүнүн сапатын жогорулатуу жана жарандардын сот адилеттигине карата тоскоолдуксуз жеткиликтүүлүгүн түзүү максатында адистештирилген соттор (административдик, инвестициялык, ювеналдык ж. б.) түзүлүшү керек. .

Азыркы убакта Кыргыз Республикасында жалпы юрисдикциядагы райондук соттун ичинде адистештирүү мыйзам менен каралган эмес, бирок соттун төрагасынын чечими боюнча, эреже катары, судьяларга белгилүү категориядагы иштерди (жарандык, кылмыш-жаза ж. б.) кароо бекитилген, муну иш жүзүндө судьялардын колдонуудагы адистештирилүүсү деп атоого болот.

Көрсөтүлгөн тышкары судьялардын формалдуу аныкталбаган адистешүүсү бир коллегиянын алкагында кээ бир тар адистештирлген

иштер дайындуу гана судьяларга берилип келе жатканынан да ачык байкалат. Алып айтканда, жашы жетелектерге карата кылмыш-жаза иштери биринчи да, ошондой эле экинчи дагы инстанцияларда кыйла тажырыйбалуу судьялар тарабынан каралуусу тийиш.

Судьялардын жашы жетелектердин иштери боюнча адистешүүлөрү, укук маселелери боюнча эле окутуу жана кайра даярдоо эмес, педагогика, социология, өспүрүмдүн психологиясы, криминология, ошондой эле процесстик мыйзамдардын алкаганда пайдаланылуучу ювеналдык технологияларды колдонуу маселелери боюнча дагы алардын кесипкөй иш-билгиликтерин камсыз кылуунун зарылдыгына алып келет. Буга байланыштуу жашы жетелек айыпталуучулар менен жекече иштөөнүн заманбап усулдарын киргизүү боюнча зарылдык пайда болот.

Сот адилеттигинин натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатуу максаттарына жетишүү үчүн судьяларды адистештирүү процессине комплекстүү мамиле кылуу артыкчылыктуудай туюлат, ал кадрларды иштердин белгилүү категориялары боюнча даярдоону, тандоону жана аларды сот тутумунун тиешелүү бөлүмүнө дайындоону жана кесиптик даярдыктарын тутумдуу түрдө алардын адистешүүлөрүнүн алкагында жүзөгө ашырууну талаптайт.

Ошентип, жергиликтүү соттордо судьяларды иштердин категориялары боюнча адистештирүү жүргүзүү каралган иш-чаралар судьялардын аркалаган жүктөрүн эске алуу менен улантылышы керек.

## 3.14. Судьялардын жүктүүлүгү

Азыркы убакта сот тутумунда айрым соттордо, өзгөчө Бишкек жана Ош шаарларында, ашыкча жүктүүлүгү чечилбеген көйгөй бойдон калып келүүдө.

Кыргыз Республикасынын судьяларынын орточо жүктүүлүгү жана жергиликтүү соттордун аппаратынын саны «Кыргыз Республикасынын судьяларынын жүктүүлүгүнүн ченемдерин жана жергиликтүү соттордун аппаратынын кызматчыларынын санын бекитүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынын 2007-жылдын 22-октябрындагы № 93 буйругу менен жөнгө салынат.

КР Эмгек жана социалдык коргоо министрлиги тарабынан бекитилген жумуш убактысынын ченемине ылайык, жумушчу сааттын саны 40 сааттык жумушчу жумасында айына 166,58 саатты түзөт.

Бир судьянын соттук иштерди жана материалдарды кароо боюнча жүктүүлүгүнүн ченеми айына төмөнкүнү түзөт:

- кылмыш-жаза сот өндүрүшү тартибинде, ошондой эле административдик укук бузуулар (жоруктар) боюнча өндүрүштө – 19 иш;

- жарандык сот өндүрүшү тартибинде – 21 иш;
- экономикалык жана административдик өндүрүш тартибинде – 17 иш.

Кылмыш-жаза жана жарандык сот өндүрүшү, административдик укук бузуулар жөнүндө иштер тартибинде бир судьянын соттук иштерди жана материалдарды кароо боюнча жүктүүлүгүнүн ченеми айына 20 ишти түзөт.

Экинчи инстанциядагы жергиликтүү соттун бир судьясынын жүктүүлүк ченеми, бир ишти кароого катышуучу судьялардын санын эске алуу менен, биринчи инстанциядагы жергиликтүү соттун судьяларынын жүктүүлүк ченемине карата – 0,3 коэффициенттин колдонуу менен аныкталган.

Бир судьянын кийинки жылдардагы орточо жүктүүлүгү 3-таблицада баяндалган:

3-таблица

| **Соттор** | **Жыл** | **Судьялар саны** | **Жылына иштердин саны** | **Жылына 1 судьяга жүктүүлүк** | **Айына 1 судьяга жүктүүлүк** |
|---|---|---|---|---|---|
| биринчи инстанция | 2019 | 329 | 135 375 | 411 | 34,25 |
| экинчи инстанция | 2019 | 86 | 8 330 | 96,8 | 8,07 |
| биринчи инстанция | 2020 | 391 | 117 152 | 299,6 | 24,9 |
| экинчи инстанция | 2020 | 87 | 6 231 | 71,6 | 5,9 |
| биринчи инстанция | 2021 | 357 | 146 518 | 410,4 | 34,2 |
| экинчи инстанция | 2021 | 127 | 11 740 | 92,4 | 7,7 |
| биринчи инстанция | 2022 - 1 квартал | 321 | 42 788 | 133,2 | 11,1 |
| экинчи инстанция | 2022 - 1 квартал | 108 | 3 839 | 35,5 | 0,3 |

Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун тутумунда сот адилеттигин 457 судья жүзөгө ашырууда. Соттук иштердин негизги саны биринчи инстанциядагы соттордо топтолгон. Мында соттук статистиканын талдоосу көрсөткөндөй, соттордун бир кыйла көбүрөөк жүктүүлүгү экономикалык жактан өнүккөн аймактарда байкалууда.

Бишкек, Ош шаарларындагы судьялардын, соттордун аппараттарынын кызматкерлеринин учурдагы түзүлгөн жүктүүлүгү белгиленген жүктүүлүк ченемдерине шайкеш келбейт, бул иштерди кароонун процесстик мөөнөттөрүнүн бузулуусуна алып келүүдө. Көйгөй башка мамлекеттик органдарга салыштырмалуу айлык маяналар төмөн болгон жергиликтүү соттордун аппараттарындагы уланып жаткан кадрлардын келип-кетүүлөрү менен ого бетер тереңдөөдө.

Жогоруда баяндалгандарга байланыштуу, ар бир ишке корогон убакыттын мониторингинин жыйынтыктарын, иштин татаалдыгын, ишке катышкан жактардын санын жана башкаларды эске алуу менен, судьялардын жана сот тутумунун кызматчыларынын жүктүүлүк ченемдерин өркүндөтүү боюнча иштерди жигердүү улантуу зарыл.

Ошондой эле жогорку соттордо судьялардын жана аппараттардын кызматкерлеринин штаттык санын кайра кароо, ошондой эле талаш-тартыштарды чечүүнүн сотко чейинки жана соттон тышкаркы (альтернативалык) формаларын (аксакалдар сотун, мидиация, бизнес-акыйкатчы, бейтарап соттор, административдик юстиция) өнүктүрүү жолу менен судьялардын түктүүлүгүн азайтуу маселесин кароо зарыл.

Аксакалдар сотторунун ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында бийликтин жергиликтүү органдары менен тыгыз кызматтыштыкты жолго коюу, мүмкүн Сот адилеттиги жогорку мектебинин ресурстарын тартуу менен, аларга сот органдары тарабынан мыйзамдардын туура колдонулушу боюнча комплекстүү консультативдик, усулдук жардамдарды көрсөтүү зарыл.

### 3.15. Сот аткаруучулар кызматы жана аткаруу өндүрүшү

Сот аткаруучулары Сот департаментинин жана анын аймактык бөлүмдөрүндө турушат. Сот аткаруучуларынын иши «Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу» Мыйзам менен жөнгө салынат. Ушул мыйзамга ылайык сот аткаруучу мамлекеттик кызматта турган жана аткаруу документтерин мажбурлап аткартуу боюнча ага жүктөлгөн милдеттерди аткаруучу кызмат болуп

саналат. Ал өз ишин мыйзамдарга ылайык жүзөгө ашырууга, аткаруу документтерин реалдуу, толук, өз убагында жана натыйжалуу аткарылышына бардык чараларды көрүүгө жана өз ишинде жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын кысымга алынышына жол бербөөгө милдеттүү.

Соттордун мыйзамдуу күчүнө кирген актыларын аткаруунун натыйжалуулугу сот тутумуна карата коомдун ишенимин жаратуучу негизги элементтердин бири болуп саналат. Соттун чечиминин канчалык тез жана сапаттуу аткарылганына, бузулган укуктарды жана кызыкчылыктарды коргоо ыкмасы катары соттук жолжоболорго карата жарандардын жана бүтүндөй коомдун мамилесинин деңгээли көз каранды.

Азыркы убакта сот аткаруучулар кызматынын ишинин жыйынтыктары боюнча соттордун жана башка органдардын актыларынын аткарылыш деңгээли абдан төмөн болуп саналат. Мисалы, 2021-жылы 380 сот аткаруучуларынын өндүрүшүндө 247 миң 917 барак турган. 2021-жылы бир сот аткаруучунун жүктүүлүгү жылына 652 өндүрүштү жана айына 54 өндүрүштү түзгөн. Функционалдык талдоонун натыйжалары боюнча соттук аткаруучунун ар айлык жүктүүлүгү айына 19 аткаруу документинен ашуунду түзбөшү керек. Келтирилген маалыматтар күбөлөп тургандай, соттук чечимдердин аткарылбаганынын негизги себеби соттук аткаруучулардын ашыкча жүктүүлүгү, соттук аткаруучуларды натыйжасыз башкаруу жана алардын кесиптик иш-билгиликтеринин анча бийик эмес деңгээли болуп саналат.

Аткаруу өндүрүшүнүн натыйжалуулугунун деңгээлин жогорулатуу үчүн комплекстүү чараларды көрүү талап кылынат, алар өз ичине аткаруу өндүрүшүндө санариптик технологияларды пайдаланууну, ошондой эле Кыргыз Республикасында иши соттордун чечимдеринин сапаттуу, өз убагында аткарылуусун камсыз кылууга багытталган жеке менчик сот аткаруучулар институтун киргизүүнү камтуусу ыктымал.

## 3.16. Сот процесстеринин коопсуздугун камсыз кылуу жана Сот приставдар кызматы

Жергиликтүү соттордун имараттарында жана орун жайларында соттук отурумдардын убагында, ошондой эле көчмө соттук отурумдар өткөрүлүп жаткан имараттарда коомдук тартипти камсыз кылуу жана кармап туруу үчүн Сот департаментинин алдында Сот приставдар кызматы каралган. Сот приставдарынын иши «Сот приставдары жөнүндө» Мыйзам менен жөнгө салынат, сот приставдары кызматынын түзүмүн жана штаттык

ырааттамасын Судьялар кеңеши менен макулдашуу боюнча Сот департаментиинин директору аныктайт. Сот приставдарынын Коституциялык соттогу жана Жогорку соттогу ишин уюштуруу ушул соттордун ишинин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен аныкталат.

Сот приставы бийлик өкүлү болуп саналат жана кызматтык милдеттерин аткарууда мамлекеттин коргоосу алдында турат. Сот приставы өзүнүн кызматтык милдеттерине ылайык кесиптик жана атайын даярдыктан өтөт, андан кийин ок атуучу табелдик жана электр курал-жарагын сактоого жана алып жүрүүгө, атайын каражаттарды пайдаланууга укуктуу болот.

Сот приставдарынын ишин уюштуруунун салыштырмалуу жаңылыгын эске алуу менен, бул институт алиге чейин институционалдаштыруу процессинде турганын жана мыйзам менен коюлган милдеттерин толук өлчөмдө аткара албай жатканын белгилеп коюу керек. Ушуга байланыштуу, бул институтту өнүктүрүү, ошондой эле байланыштарды түзүү жана чыр-чатактарды башкаруу илим-билимдерин жана көндүмдөрүн өз ичине камтыган сот приставдарын башкаруунун жана квалификацияларын тутумдуу жогорулатуунун жаңы усулдарын колдонууну талап кылат.

## 3.17. Сот тутумунун сот адилеттигинин башка институттары менен секторлор аралык өз ара аракеттенүүсү

### 3.17.1. Тергөө органдары

КР өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясын ишке ашыруу максатында, Ички иштер министрлигинин, Башкы прокуратуранын, Мамлекеттик улуттук коопсуздук комитетинин жана башка укук коргоо органдарынын тиешелүү бөлүмдөрү тарабынан жүзөгө ашырылуучу тергөө жүргүзүү иш-милдеттерин өзүнө бириктирген бирдиктүү тергөө органын түзүү мүмкүнчүлүгүн караштыруу зарыл.

### 3.17.2. Соттук экспертиза

Сот өндүрүшүнүн мөөнөттөрүнүн негизсиз узактыгы чечилбеген көйгөйлөрдүн бири бойдон калып келүүдө. Анын чечилиши натыйжалары жалпы юрисдикциядагы соттор жана административдик соттор тарабынан каралуучу иштер боюнча жагдайларды аныктоо максаттарында жгердүү

колдонулуучу соттук экспертизаларды өткөрүү мөөнөттөрүн мүмкүнчүлүгүнө жараша азайтуу менен түздөн-түз байланышкан.

Ушул Максаттуу программанын алкагында Юстиция министрлигине караштуу Соттук-эксперттик кызматтын (мындан ары – СЭК), ошондой эле көз карандысыз соттук-эксперттик мекемелердин экспертизаларды сапаттуу жүзөгө ашыруулары үчүн шарттарды түзүү боюнча иш-чараларды ишке ашыруу болжолдонууда.

Алып айтканда, мүмкүнчүлүктөрү бюджеттик каржылоо менен чектелген СЭК сапаттуу экспертизаларды жүзөгө ашыруулары үчүн шарттарды түзүү боюнча иштерди жегендендирүү зарыл. Ошондой эле соттук-эксперттике ишке заманбап технологияларды киргизүү зарыл, жана дагы мекемелерди заманбап прибордук база менен жабдууну улантуу керек, бул жүзөгө ашырылып жаткан экспертизалардын сапатын жакшыртууга жана аларды чыгаруунун мөөнөттөрүн кыскартууга мүмкүнчүлүк түзөт.

Мындан тышкары, экспертизалардын түрлөрү боюнча усулдарды өркүндөтүүнүн, изилдөөлөрдүн усулдарын жаңылоонун жана изилдөөлөрдүн жана экспертизалардын алдыңкы жаңы усулдарын кабыл алуунун, ошондой эле изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн зарыл (заманбап) жабдууларды сатып алуунун; эксперттердин дараметтерин жогорулатуунун (окутуунун) зарылдыгы эбак бышып бышып жетилген.

Ошондой эле СЭК филиалдарын КР ЮМ алында, өлкөнүн айрым райондорунда ачуу аркылуу СЭК материалдык-техникалык базасын чыңдоо мүмкүнчүлүгн кароо керек.

Азыркы убакта республикада соттук-эксперттик тутумду СЭК, ИИМ УКМК криминалисттик бөлүмдөрү, Саламаттыкты сактоо министрлигинин тутумунда турган эксперттик мекемелер (соттук-медициналык, соттук-психологиялык – психиатриалык жана соттук-наркологиялык кызматтар) жана көз карандысыз эксперттик уюмдар түзөт.

Ушул тармакты толук кандуу өнүктүрүү максатында бирдиктүү соттук-эксперттик кызматты түзүү мүмкүнчүлүгүн кароо зарыл, анда кесипкөй жана кадрдык дараметти өркүндөтүү, материалдык-техникалык камсыз кылууну жакшыртуу, укук коргоо, сот органдары, көз карандысыз эксперттик уюмдар жана коомчулук менен натыйжалуу өз ара аракеттенүү механизмдери, эл аралык стандартташтыруу, жаңычыл өнүктүрүү маселелери кайрадан карылып чыгуусу керек.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдары мамлекеттик эмес соттук-эксперттик уюмдар жана мамлекеттик эмес соттук эксперттер,

анын ичинде соттук-эксперттик уюмдардан тышкары иштеген эксперттер тарабынан альтернативдүү соттук-эксперттик ишти жүзөгө ашырууга тыюу салбагандыктан, ушул институтту, анын ичинде аутсорсингге өткөрүп берүүгө болгон соттук экспертизалардын тизмегин кеңейтүү менен өнүктүрүүгө багыт алынуусу керек.

Жогоруда саналган бардык багытталмалар Соттук-эксперттик кызматты 2023–2027-жылдары өнүктүрүүнүн стратегиясына киргизилиши жана ачып берилиши керек.

### 3.17.3. Кыргыз Республикасынын адвокатурасы

Адвокаттардын өз алдынча башкаруудагы кесипкөй коомдоштугу катары адвокатуранын конституциялык-укуктук статусу Конституцияда бекемделген, анын негизинде уюштуруу жана иштөө тартибин, ошондой эле адвокаттардын укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчилигин аныктоочу «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзам кабыл алынган.

Адвокаттар жеке жана юридикалык жактарга квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүшөт. Адвокаттар мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардамдарды калктын аярлуу топторуна «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» мыйзамда каралган учурларда жана тартипте көрсөтүшөт.

Сот өндүрүшүнүн катышуучуларына квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү ишинин негизги көйгөйлөрү төмөнкүлөр болуп саналат:

1) өз коргоосундагылардын кызыкчылыктарын билдирүүчү адвокаттардын көз каранды же кемсинтилген абалы;

2) адвокаттардын юридикалык жардамдарынын мамлекет тарабынан жетишсиз каржылануусу, анын кесепетинен адвокаттар мамлекеттин эсебинен калктын аярлуу топторуна жардам көрсөтүүгө кызыкдар болушпаганы;

3) Адвокатуранын башкаруу органдарын, анын филиалдарынын – аймактык адвокатураларды жана Адвокаттардын окуу борборун жайгаштыруу көйгөйлөрү;

4) Адвокатуранын этика боюнча комиссиясынын натыйжасыз иштери;

5) адвокаттардын кесипкөй иш-билгиликтеринин төмөнкү деңгээли.

Укук коргоо тутумунун ишинин жана сот адилеттигинин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн адвокаттар өздөрүнүн кесипкөй

милдеттерин көз карандысыз, укук коргоо органдары же башка таасир этүү булактары тарабынын кийлигишүүлөрүсүз аткаруулары зарыл.

Акыркы жылдары адвокаттардын эмгек акыларын төлөөнү каржылоону көбөйтүү боюнча жагымдуу жылыштар болуп жатканына (2018-жылы –18 млн. 552 миң 400 сом, ал эми 2021-жылы 74 млн. 212 миң сом) карабастан, мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тутумунун адвокаттарынын мамлекеттик реестрине кирген адвокаттардын саны 2021-жылдын 1-сентябрына карата бар болгону 422 адвокатты (10 пайызга жакын) түзөт.

Ушундан улам, мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүнү кеңейтүү боюнча жумуштарды, анын ичинде МКЮЖ тутумуна кирген адвокаттардын сыйакыларынын көлөмүн эң аз дегенде 2 эсе көбөйтүү жолу менен күчөтүү зарыл.

Мыйзамдарды жана Адвокаттын кесиптик жүрүм-турум кодексинин жоболорун одоно бузган адвокаттар, адвокаттык иш менен алектенүү укугуна лицензиясынан ажыратылууга чейинки жоопкерчиликке тартылышы үчүн Адвокатуранын этикасы боюнча комиссиянын ишин күчөтүү керек. Ошондой эле лицензия алууга талапкерлерге карата талаптарды жогорулатуу жана аны алуу тартибин татаалдаштыруу зарыл.

Талапкерлердин кесипкөй даярдыктарынын деңгээлин текшерүүгө карата жана иштеп жаткан адвокаттардын жетиштүү кесиптик даярдык деңгээлдерин кармап турууга башкача сапаттуу талапчыл мамиле талап кылынат.

Кесиптик милдеттерин аткарууда адвокаттар тарабынан жүзөгө ашырылган укук ченемдүү үш-аракеттери үчүн кылмыш-жазалык, жарандык-укуктук жана административдик куугунтуктан колтийгистик иммунитетин камсыз кылуу мүмкүнчүлүгүн караштыруу керек.

### 3.17.4. Аксакалдар соттору

Аксакалдар сотторунун ченемдик-укуктук статусу, аларды уюштуруунун жана ишинин принциптери Конституцияда жана «Аксакалдар соттору жөнүндө» Мыйзам менен аныкталган.

Акыл-насаат алуу жана талаш-тартыштарды чечүү үчүн даанышман карыяларга кайрылуу биздин тарых-таржымалыбызда кылымдардан бери жашап келаткан салт. Улуунун ой-пикирин урматтоо салты, ал көз карандысыздыкка ээ болгондон кийин Кыргыз Республикасында аксакалдар сотторун түзүү үчүн жагымдуу кыртыш катары кызмат кылды.

Анын үстүнө Кыргызстандын калкынын көпчүлүк бөлүгү, өзгөчө анын элеттик бөлүгү «салттуу уруулук ыңгайдын алкагынан алыстай элегин» эске алганда, аксакалдар институтунун актуалдуулугу азыркы күнгө чейин сакталып келүүдө.

Аксакалдар соту, бүгүнкү күндө бул – анда «элдик» соттун белгилери пайдаланылган – жергиликтүү калк үчүн жеткиликтүү, аксакалдар сотторунун мүчөлүгүнө кыйла кадыр-барктуу жана сый-урматтуу жарандар шайланышат, талаш-тартыштарды чечүүдө бюрократия болбойт, талаш-тартыштар Кыргызстан элдеринин үрп-адаттарынын жана каада-салттарынын негизинде чечүү укугу.

Мында кийинки жылдары аксакалдар соттору институту олуттуу трансформациялоого дуушар болгонун белгилей кетүү керек. Бүгүн аксакалдар сотуна карата көз караштар, мамилелер абдан айырмалуу болуп саналат: алардын ыйгарым укуктарынын чектелгенинин, алардын чечимдеринин аткарылышынын татаалдыгынын, аксакалдар сотунун мүчөлөрүнүн юридикалык билимдеринин жоктугунун себебинен улам аксакалдар сотторунун кадыр-баркы түшүп кеткенине терең ынынымдан тартып, элдештирүү жолжоболорунун, анын ичинде кылмыш-жаза иштери боюнча дагы, өтө керектигинин жүйөлөрүн келтирүүгө чейин.

Азыркы учурда өлкөдө 795 аксакалдар соттору катталган, бул мамлекеттик соттордон 11 эсе көптүк кылат. Аксакалдар соттору тарабынан каралган иштердин саны орто эсеп менен кылыны 3300 ишти түзөт. Аксакалдар соттору бир дагы мамлекеттин иш-билгилигинде турбайт. Алар мындай органдардын бирдиктүү тутумун түзбөстөн, өз алдынча иштешет.

Жарандардын аксакалдар сотторуна улам көбүрөөк кайрылууларын эске алуу менен, өткөн тажрыйбанын жана азыркы айкындуулуктардын негизинде, аксакалдар сотторунун ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук баазаны өркүндөтүү зарыл. Өзгөртүүлөр аксакалдар сотторунун укуктук статусун, мамлекеттик курулуштагы ордун жана ролун аныктоо үчүн, аксакалдар сотторун түзүүнүн тартибин, милдеттерин, имш-милдеттерин, ыйгарым укуктарын тактоо, гендердик өкүлчүлүктүүлүктү эске алуу менен аксакалдар сотторунун мүчөлөрүн шайлоонун тартибин өркүндөтүү, ошондой эле аксакалдар сотторунун ишин финансылык жана материалдык-техникалык камсыз кылуунун тартибин өркүндөтүү үчүн зарыл.

### 3.17.5. Медиация

Кыргыз Республикасында медиация институтун түзүүнүн жана өнүктүрүүнүн укуктук негизи Конституция жана «Медиация жөнүндө» Мыйзам болуп саналат, аларда жарандык, үй-бүлөлүк жана эмгектик укук мамилелеринен, ошондой эле мыйзамдарда тикелей каралган айрым учурларда, кылмыш-жазалык-укук мамилелеринен келип чыгуучу талаш-тартыштарга карата медиация колдонулган мамилелерди жөнгө салуучу ченемдер аныкталган. Медиация институтун өнүктүрүүнүн маанилүүлүгү 2026-жылга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук программасында да көрсөтүлгөн. Сот жана укук коргоо органдарын реформалоо деген 4.2. бөлүмдө көрсөтүлгөндөй, «ар кимге соттук коргоо укугун кепилдөө менен, мамлекет адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоонун соттон тышкаркы жана сотко чейинки усулдарын, формаларын жана ыкмаларын өнүктүрүүнү камсыз кылат. Медиация институтунун өнүгүүсү сот тутумунун жүгүнүн олуттуу жеңилдешине алып келет».

Медиация бул талашып-тартышкан жактардын кызыкчылыктарын макулдашуу жолу менен, алардын өз ара алгылыктуу макулдашууга жетишүүлөрүнүн максатында талаш-тартышты медиатордун (медиаторлордун) көмөктөшүүсүндө жөнгө салуу жолжобосу. Медиатордун көбөлүгүн алышкан медиаторлор Республикалык медиаторлор коомдоштугуна (РМК) биригишкен.

Сот, укук коргоо органдарынын чыр-чатактуу кырдаалдарды чечүү максатында, медиаторлор менен кызматташуу укугу жана ыйгарым укуктары медиациянын өнүгүүсүнө түрткү болуп калды. Мында жетишилген медиативдик макулдашуулар чыр-чатакты чечүү үчүн укук ченемдүү документтер катары каралат.

Бирок, коомдо, азыркы убакта, объективдүү маалымат, медиациянын маанилүүлүгүн жана натыйжалуулугун түшүнүү жетишсиз. Бул медиация маселелери боюнча мыйзамдык ченемдерди жана жоболорду киргизүү медиацияны, анын ичинде аларды соттон тышкары жөнгө салууну колдонуу менен талаш-тартыштарды жана чыр-чатактарды чечүүдөгү артыкчылыктары жөнүндө жетиштүү маалыматтык өнөктүк менен коштолбогонуна байлыштуу.

Мындан тышкары, соттор, прокуратура органдары, укук коргоо органдары жана башка мамлекеттик органдар болушкан медиаторлордун

өнөктөштөрү иш жүзүндө талаш-тартыштарды жана чыр-чатактарды чечүүнүн натыйжалуу институту катары медиацияны колдонушпайт.

Мындай тарткынчыктуу мамиле ошондой эле медиаторлордун ишиндеги коммерциялык башат менен байланышкан. Жарандар алардын көйгөйлөрүн чечүүгө көмөктөшүү үчүн жетиштүү кесиптик квалификацияга ээ медиаторлорго төлөөгө психологиялык жактан даяр эмес.

Медиациянын өнүгүүсүн кармап аткан маанилүү факторлордун бири медиаторлордун санынын (барыдан мурда аймактардагы) жетишсиздиги болуп саналат, ал үчүн тиешелүү инфратүзүмдү калыптандыруу жана медиаторлордун квалификациясын жогорулатуу боюнча тутумдуу иштерди жолго коюу керек.

Медиацияны андан ары өнүктүрүү программалык документти түзүүнү талап кылат, ал Кыргызстанда медиациянын өнүктүрүүнүн келечеги аныктоосу, ошондой эле анын өнүгүүсүнүн артыкчылыктуу багыттарын туюнтуусу тийиш.

### 3.17.6. Пробация

Эл аралык пенитенциардык изилдөөлөр борборунун (ICPS) 2020-жыл үчүн маалыматтары боюнча Кыргыз Республикасы абак калкынын рейтингинде дүйнөдө 97-орунду ээлеген, камактагы 100000 кишинин санына 161 киши туура келген.

Жалпыга белгилүү, көпчүлүгү абакка камоо өз максатына жетпейт жана рецидивизмдин азаюусуна өбөлгө болбойт, а тескерисинче камалгандын өзү жана анын үй-бүлөсү үчүн да, ошондой эле жалпысынан коом үчүн дагы бир кыйла оор криминогендик, социалдык, экономикалык мүнөздөгү көйгөйлөрдү алып келет. Абактар «кылмыштуулуктун мектебинен» окуудан өтүү үчүн эң сонун жай болуп саналат, бул жыйынтыгында мамлекетке бошонгон камалгандарды социалдык реабилитациялоо боюнча чараларды көрүүгө мүмкүнчүлүк бербейт. Статистика көрсөткөндөй, кайра кайталап кылмыш жасаган жана кайталап өзгөчө оор кылмыш жасаган соттолгондордун саны биринчи соттолгондордун санынан бир кыйла көптүк кылат. Мында адамдардын 40 пайызга жакыны аларды камакта жаткан жерлерден бошоткондон кийин кылмыш жасоосун улантат.

Эл аралык сунуштамаларга ылайык мамлекеттер камакта кармоочу жерлердин толуп кетүү көйгөйүн, анын ичинде, бул мүмкүн болгондо,

сотко чейинки териштирүү мезгилинде камакта кармоого альтернативдүү жана эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазага альтернативдүү натыйжалуу чараларды көрүү менен, укуктук жардамга жеткиликтүү жана укуктук ченемдерди натыйжалуу пайдалануу, ошондой эле кылмыш-жаза сот адилеттиигинин жана анын түзүмдөрүнүн дараметин чыңдоо менен, алгылыктуу иш-тажырыйбаларды кеңейтүү аркылуу чечүүлөрү тийиш.

Баяндалганды эске алуу менен, пробация кардарларынын оңолуусу жана коомдо жашоого ыңгайлашуусу, ошондой эле алардын кайталап укук бузууларды жасоосунун алдын алуу үчүн шарттарды түзүүгө багытталган иш-чаралардын комплексин караган пробация институтун андан ары өнүктүрүү абдан маанилүү мааниге ээ болот.

Мыйзам 2017-жылдын февралында кабыл алынган жана 2019-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирген. Пробация органдарынын иш-милдетерин аткаруу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик жазаларды аткаруу кызматынын кылмыш-жаза аткаруу инспекцияларына жүктөлгөн. Кийинчерээк Өкмөт тарабынан кылмыш-жаза аткаруу инспекцияларынын иш-милдеттерин Юстиция министрлигине өткорүп берүү жөнүндө чечим кабыл алынган, анын негизинде 2019-жылдын 1-сентябрынан тартып Пробация департаменти түзүлгөн.

Пробациянын Юстиция министрлигине өткөрүлүп берилгени анын өнугүүсүнө жагымдуу таасирин тийгизди, кызматчылардын санын бара-бара көбөйтүү, аймактык бөлүмдөрдү жайгаштыруу маселелери ушинтип жарым-жартылай чечилди, каржылоо көбөйтүлдү, алардын иштөө шарттары жакшыртылды, эл аралык, бейөкмөт уюмдар, бийликтин жергиликтүү органдары, укук коргоо органдары менен байланыштар жигердендирилди, сот бийлиги органдарынын жана укук коргоо органдарынын окшош тутумдары менен өз ара аракеттенүүчү автоматташтырылган маалыматтык тутумдар киргизилди.

Жалпысынан КР мындан аркы кылмыш-жаза-укуктук саясаты эки багытта жүргүзүлүшү керек: 1) коомдук коркунуч келтирбеген кылмаштар боюнча жазаларды гумандаштыруу; 2) оор жана өзгөчө оор кылмыштар боюнча кылмыштар боюнча жазаларды катаалдаштыруу. Биринчи багытты ишке ашырууда соттордун камакта кармоосуна альтернативдүү бөгөт чараларын, ошондой эле эркиндигинен ажыратууга жазанын альтернативдүү түрлөрүн колдонууну өнүктүрүү, ошондой эле натыйжалуу, анын ичинде соттордун пробация органдары менен

санариптик өз ара аракеттенүүлөрүн, пробация кардаларын көзөмөлдөөнүн электрондук-техникалык каражаттарын киргизүү жана өнүктүрүү зарыл.

Пробация институтун андан ары чыңдоо үчүн, бул институтту өнүктүрүүнүн стратегиясын иштеп чыгуу жана кабыл алуу зарыл, анда аны өнүктүрүүнүн негизги багыттары чагылдырылышы керек.

**«Сот адилеттиги тутумун 2023–2026-жылдарга өнүктүрүүнүн» Мамлекеттик максаттуу программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын Планы**

| № | Милдеттер | Иш-чаралар | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлгөн натыйжалар | Жооптуу аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|
| **Максат 1. Судьялардын жана сот тутумунун көз карандысыздыгын камсыз кылуу** | | | | | |
| 1.1. | Судьяларды тандоо тартибин өркүндөтүү | - ЧУА, анын ичинде судьяларды тандоо процессине субъективдүү кийлигишүүнү жокко чыгаруу каралган долбоорлорун иштеп чыгуу; КС судьяларынын кызмат ордуна талапкерлерди тандоого өзгөчө тартип белгилөө;<br><br>- судьяларды тандоо процессине субъективдүү кийлигишүүнү жокко чыгаруу каралган СК | 2023-ж.<br><br>2023-ж. | - тиешелүү ЧУА кабыл алуу<br><br>Субъективдүү кийлигишүүнү жокко чыгаруу максатында конкурстук тандоо жүргүзүүнүн тартиби өзгөргөн; | СК, САК, КС, ЖС, СЖМ |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | актыларын иштеп чыгуу жана бекитүү;<br><br>- Кеңештин мүчөлөрүнүн жана катчылыктын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу; | | - Судьялардын кызмат орундарына талапкерлерди тандоонун өзгөчөлүктөрү боюнча жылына 2ден кем эмес семинарларды, тренингдерди өткөрүү. | |
| 1.2. | Судьялардын көз карандысыздыгынын процесстик кепилдиктерин камсыз кылуу | - ЧУА жана ведомстволук актылардын, анын ичинде процесстен тышкары кайрылуулар жана алардын кесепеттери жөнүндө жарандык коомду кабарландыруу каралган долбоорлорун иштеп чыгуу | 2023-2024-жж. | Жарандык коом процесстен тышкары кайрылуулар жана алардын кесепеттери жөнүндө кабарландырылган. | ЖС, СК, СД |
